# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. №8 (9) чыгарылышы. Август 2012-ж.

*Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
***электрондук*** – dpi.office.kg@gmail.com
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Актуалдуу тема

Биздин ордубузга тандашты (жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо тууралуу мыйзамдагы акыркы өзгөртүүлөргө сереп) .....2

## Мыйзам жаңылыктары

Балдар, терминдерди жана аныктамаларды алмаштыруу, жергиликтүү бюджеттердин кирешелери, АЖМФ жерлери жана камсыздандыруучу төгүмдөр, менчик, кадрлар, ЖӨБ иш-аракетин баалоо тууралуу .....5

## «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ) жаңылыктары

Долбоор пилоттук ААды тандоо сынагын жыйынтыктады .....10
Райондук активисттерге ЭКБА ыкмаларын үйрөтүү .....10
Долбоор пилоттук ААтар менен кызматташуу тууралуу макулдашууларга кол койду .....11
Пилоттук ААдагы жамааттар үчүн алгачкы тренингдер .....12
ЖӨБО башчыларынын республикалык кеңешмеси .....12

## Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары

ӨСИ муниципалдык жерлерди эсептөө жана инвентарлаштыруу боюнча долбоорун жыйынтыктады .....13
Журналисттерди окутуу боюнча долбоордун жыйынтыктоочу иш-чарасы .....13
ЖӨБдун 2017-жылга чейин өнүгүү Стратегиясын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун биринчи отуруму .....14
«Жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алууда жаштардын катышуусу» долбоорун жыйынтыктоо .....14

## ЖӨБ ресурстары

Чүйдүн айылдык аймактары дээрлик 60 гектар муниципалдык жер тапты .....15
«Чүй облусундагы муниципалитеттерде ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу» долбоорунун жыйынтыктары .....17

## ЖӨБ каржылары

Жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметин жакшыртуу, же Кантип дотациядагы элеттик муниципалитеттердин санын азайтса болот? .....18


## Элдин үнү жана ЖӨБдө катышуусу

Айылдардагы «2013-жылга жергиликтүү бюджетти түзүү» темасы боюнча коомдук угуулар .....24

## Жаңы лидерлер

Жаштар өз айланасындагы дүйнөнү өзгөртүүдө .....28
Жаштар эртеңки күндүн камын көрүүдө .....32

# БИЗДИН ОРДУБУЗГА ТАНДАШТЫ




**2012-жылдын аптаптуу жайында президент жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого тиешелүү мыйзамга түзөтүүлөрдү камтыган эки мыйзамга кол койду. Сөз 2012-жылдын 3-августундагы «КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» №149 КР мыйзамы (бул мыйзам «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү караштырат) жана 2012-жылдын 6-июлундагы «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» №99 Кыргыз Республикасынын мыйзамы тууралуу болуп жатат. Коомчулукту бул түзөтүүлөр косметикалык мүнөзгө гана ээ деп ишендирүүгө аракет жасап жатышат. Бирок чындыгында өзгөртүүлөр өзгөчө кооптуу кайра кайталанчу окуяны жаратууда, анткени алар демократиялык мамлекеттин негиздерин бузуп жатат.**

***Бекболот Бекиевдин жана Бектур Орозбаевдин сереби***

## "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамына өзгөртүүлөр

Бул Мыйзам менен райондук кеңештердин институтунун функцияларын "тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин – райондун – жергиликтүү кеңештеринин (айылдык жана шаардык) депутаттарынын жыйыны" өңдүү боло тургандай "жергиликтүү кеңештердин биргелешкен жыйыны" түрүндөгү жаңы түзүлүшкө өткөрүп берүү менен аны жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасынан жоюу каралган.

Буга байланыштуу "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам жаңы 21-1-беренеси менен толукталууда. Анда бир катар маселелердин тизмеси келтирилген, ал эми аларды чечүү жергиликтүү кеңештердин биргелешкен жыйынынын компетенциясына өткөрүлүп берилген. Тагыраак айтканда:

1) жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын – акимдин кызмат ордуна дайындоо үчүн талапкерлик боюнча мыйзамда белгиленген тартипте сунуш киргизүү;

2) жылына бир жолудан кем эмес тиешелүү аймактагы иштердин абалы жөнүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын отчетун угуу;

3) өз милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиси менен ишеним көрсөтпөөнү билдирүү;

4) Мыйзамда белгиленген санда аймактык шайлоо комиссиясынын курамына киргизүү үчүн талапкерликтерди Борбордук шайлоо комиссиясына көрсөтүү, ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясынын резервинин курамына талапкерликтерди көрсөтүү.

Ушул эле беренеде жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышын өткөрүү тартиби, мыйзамдуулугу, чечим кабыл алуу тартиби, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын президиумун, төраганы, катчылыкты жана эсептөө комиссиясын шайлоо тартиби жана мөөнөтү, акимге ишеним көрсөтпөө маселесин көтөрүү тартиби аныкталган.

Көрсөтүлгөн өзгөрүүлөргө карата төмөнкүлөрдү белгилеп коюу зарыл.

Райондук кеңештерди жоюу туура, анткени КР Конституциясы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мындай органын жана дегеле бийлик органын караган эмес. Райондук кеңештер тууралуу нормаларды караган "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Жергиликтүү кеңешке депутаттарды шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамдары аларды кабыл алгандан

тарта эле КР Конституциясынын ушул бөлүгүнө карама каршы келип аткан.

Ошол эле учурда ушул Мыйзамда сунушталып жаткан "жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы" өңдүү бийликтин жаңы органы биздин баамыбызда да конституциялык жактан алып караганда шек туудурууда. Анткени Конституцияда бийликтин мындай органы каралган эмес. КР Конституциясынын 89-беренесинде жергиликтүү кеңештерде "жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышы" өңдүү бийликтин кандайдыр бир жаңы органын эмес, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчыларын дайындоо жана кызматынан бошотуу боюнча чечим киргизүү өңдүү конституциялык укук каралган.

Мындан тышкары "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамдын 2-бөлүгүнүн 14-беренесине киргизилген өзгөрүүгө ылайык, мындан ары жергиликтүү ченем чыгаруу (элдик) демилге укугуна жергиликтүү жамааттын үчтөн биринен кем эмес мүчөсү ээ болот. Буга чейин бул укукка жергиликтүү жамааттын кем дегенде 100 мүчөсү ээ болчу.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамдын 21-беренесине киргизилген толуктоодо шаардык кеңештин депутаттары депутаттык фракцияларга же көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясына бириккен учурда азчылыктын фракцияларына же фракциялардын коалициясына бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссияга берилет деп аныкталган. Белгилүү болгондой, мындай тартип Жогорку Кеңештин структурасында каралган. Ага ылайык, КР Конституциясынын 1-бөлүгүнүн 76-беренеси боюнча Жогорку Кеңеш депутаттардын ичинен комитеттерди, ошондой эле убактылуу комиссияларды түзөт; алардын курамын түзөт; мында бюджет жана коомдук тартип маселелери боюнча комитеттин төрагалары парламенттеги оппозициянын өкүлдөрү.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 43-беренесине өзгөртүүлөр киргизилген. Ага ылайык, шаардын мэрин шайлоо жаңы шайланган шаардык кеңештин биринчи жыйналышынын күнүнөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясы (мындан ары – БШК) тарабынан дайындалат. Мындан тышкары бул беренеге төмөнкүдөй норма киргизилген: Шаардын мэри шаардык кеңештин чакыруу мөөнөтү аяктаганга чейин 90 календардык күн калганда ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жаңы шайланган шаардык кеңештин биринчи жыйналышы өткөнгө чейин шаардын мэрин шайлоо дайындалбайт.

Бул өзгөрүүлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын шайлоо тартибин жакшыртуу максатында киргизилди.

Белгилүү болгондой, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 1-бөлүгүнүн 43-беренесине ылайык, шаарлардын мэрлери шаардык кеңеш тарабынан анын чакырылган мөөнөтүнө шайланат. Иш жүзүндө шаар мэри айталы, шаардык кеңеште аны чакыртып алуу мөөнөтү аяктарына үч ай калса деле ээлеген кызматынан бошотулат. Мындай учурда мэрди үч айга шайлоо максатка ылайык келбейт, андыктан мыйзамда көрсөтүлгөн өзгөрүүлөр менен шаардык кеңештин жаңы курамы түзүлгөнгө чейин шаардын мэрин шайлоо өткөрбөй туруу сунушталат.

Ушул өңдүү өзгөрүү айыл өкмөт башчысын шайлоо тартибин караган "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 49-беренесине киргизилген.

## "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" КР мыйзамына өзгөртүүлөр

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" КР мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) киргизилген түзөтүүлөр да райондук кеңештердин тиешелүү функциясын өткөрүп берүү менен райондук кеңештерди жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштары менен алмаштырууну караган.

Мыйзамдын 9-беренесинде райондук кеңештин жоюлушуна байланыштуу аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоорлорун бекитүү боюнча анын ыйгарым укуктары жергиликтүү мамлекеттик администрацияга өткөрүлүп берилген.

Ушул Мыйзамдын 11-беренесинде жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы – аким жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышын чакыруу маселесин көтөрө алат жана анын ишине кеңешүүчү добуш укугуна ээ болуп иштей берет.

## "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР мыйзамына өзгөртүүлөр

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР мыйзамына киргизилген түзөтүүлөр да Мыйзамдын текстинин баарынан "райондук кеңеш" деген сөздү алып салуу каралган.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР мыйзамынын 2-беренесинде каралган "жергиликтүү жамааттын уставы" түшүнүгүн аныктоого өзгөртүүлөр киргизилди. Ал "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамында баяндалган ушул өңдүү түшүнүккө шайкеш келтирилген жана "жергиликтүү жамааттын укуктук актысы" катары көрсөтүлгөн.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР мыйзамынын 51-беренеси да норма менен толукталган. Ага ылайык, саясий партиянын талапкерлер тизмесинде турган талапкер добуш бергүүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин талапкерлер тизмесинде ал талпынган орунга кезеги келген талапкердин жана саясий партиянын жогорку жана аймактык органынын уруксаты менен талапкерлер тизмесинде анын кезегин өзгөртүү өтүнүчү менен кайрылууга укугу бар. Бул норма "Кеңеш депутаттарын шайлоо жыйынтыгын аныктоо" мыйзамынын 56-беренесине да кошулган.

Ушул мыйзамга киргизилген өзгөрүүлөр менен шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзгөн акча каражатынын көлөмү да көбөйдү. Ошондой эле республикалык маанидеги шаарлар жана облустук, райондук маанидеги

шаарлар үчүн шайлоо фондунун суммасы да ажырымдалды. Ошентип киргизилген өзгөрүүлөргө ылайык, Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондундагы каражаттан чыгашалардын эң көп суммасы эми 150 000 эседен көп, б.а. 15 миллион сом өңдүү эсептик көрсөткүчтөн ашпаш керек. Башка шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын чыгашасынын эң ири суммасы эми мындан ары 50 000 эседен, б.а. 5 миллион сомдон ашпаш керек.

2012-жылы Ош, Каракол жана Токмок шаарларынын шаардык кеңешине өткөн шайлоодо "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамдын 55-беренеси боюнча шайлоо фонддорунун эң көп суммасы 500 миң сомдон ашпаш керек деп көрсөтүлгөн. Бирок натыйжалуу шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү үчүн бул сумма жетишсиз болуп, бул чөйрөдө заманбап баскычта экономикалык мамилелерге шайкеш келген жок, ошонусу менен шайлоо фондунун каражатын түзүү жана чыгымдоодо айкындуулукка көмөктөшкөн жок. Буга байланыштуу ушул Мыйзам менен шайлоо фонддорунун көлөмү көбөйтүлдү, ошондой эле республикалык маанидеги шаарлар жана облустук жана райондук маанидеги шаарлар үчүн шайлоо фондунун суммалары ар башка болду. Мында ошол шаарларда жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн саны эсепке алынды.

Өзгөчө көңүлдү ушул Мыйзамдын 4-беренеси бурат. Мында 2008-жылдын 5-октябрында өткөн шайлоонун жыйынтыгы боюнча шайланган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн 2012-жылдын 30-ноябрына чейин **узартуу** (!) каралган. Мыйзамдын бул нормасы эл бийлигинин **конституциялык негиздерин, шайлоо өткөрүү жана бийлик органдарын түзүү тартибин бузуп, Конституцияга жана КРнын башка мыйзамдарына карама каршы келет**.

Айталы, Конституциянын 2-беренесине ылайык, Кыргызстандын эли өз бийлигин ушул Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы аркылуу жүзөгө ашырат. ЖӨБ өкүлчүлүктүү органдарынын депутаттарын шайлоо жашыруун жалпы добуш берүү менен тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде өткөрүлөт.

Эмесе, Кыргызстандын эли гана, ал эми бул кырдаалда тиешелүү административдик-аймактык бирдиктеги жергиликтүү жамаат өз бийлигин түздөн-түз шайлоодо ишке ашыруу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарын тандап, ЖӨБ өкүлчүлүктүү органын түзө алмак. Эч ким жана бийликтин эч бир органы (Жогорку Кеңеш менен Президентти кошкондо) бул маселеде Кыргызстан элин (жергиликтүү жамаат) алмаштыра албайт. Мындай мүнөздө кандай гана аракет жасалбасын аны тиешелүү ыйгарым укуктардын жана компетенциянын чегинен чыгып кетүү жана Конституция менен башка мыйзамдардын талабын одоно бузуу деп кароо зарыл.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 2-бөлүгүнүн 4-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо милдеттүү болуп саналат жана ушул Мыйзам жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамдары менен белгиленген мөөнөттөрдө жана тартипте мезгилдүү өткөрүлөт.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" (2008-жылдын 5-октябрында шайлоо өтүп жаткан учурда күчүндө турган) КР Мыйзамынын 21-беренесине жана "Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын макамы жөнүндө" КР Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңешке жашыруун добуш берүүдө жалпы, тең жана түз добуш берүү укугунун негизинде төрт жылдык мөөнөткө шайлангандан кийин ыйгарым укукка ээ болот.

Мында депутаттын ыйгарым укуктары тиешелүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү башталып, кийинки чакырылыштагы кеңештин алгачкы сессиясы ачылган күнү аяктайт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын белгиленген мөөнөтүн калк 2010-жылдын 27-июнунда өткөн референдумда (жалпы элдик добуш берүү) өз бийлигин түздөн-түз колдонуу процессинде тастыктаган. Ал референдумда "Кыргыз Республикасынын Конституциясын аракетке киргизүү жөнүндө" КР мыйзамы кабыл алынган. Анда жергиликтүү кеңештин депутаттары өз ыйгарым укуктарын алар шайланган мөөнөттүн аягына чейин сактап калат деп көрсөтүлгөн.

Ошентип 2008-жылдын 5-октябрында шайланган жергиликтүү кеңештин депутаттары төрт жылдык мөөнөткө шайланган. Алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү тиешелүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү башталып, кийинки чакырылыштагы кеңештин алгачкы сессиясы ачылган күнү аякташы керек болчу. Мында **Конституцияда жана КР башка мыйзамдарында алардын ыйгарым укуктарын узартуу жагдайы каралган эмес. Ошондой эле алардын ыйгарым укуктарын узартуу боюнча Жогорку Кеңешке жана Президентке кандайдыр бир ыйгарым укуктар берилген да эмес. Буга байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын мөөнөтүн узартууну караган жогоруда айтылган Мыйзамдын 4-беренеси Конституциянын жана жогоруда айтылган башка мыйзамдардын нормаларына шайкеш келбейт.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн узартуу тууралуу мыйзамды Жогорку Кеңеш кабыл алып, Президент ага кол коюу менен эл добуш берип шайлаган бийликтин өкүлчүлүктүү органынын депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү мыйзам менен узартылганы дагы да кайталанчу өтө кооптуу кырдаалды түздү. Мындай кырдаалда элдин ордуна өздөрү эле чечим чыгарып, муну менен элди ал кабыл алган чечимин өзгөртүү менен өз бийлигин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып коё турган башка да учурлар кайталанышы мүмкүн экенин четке какпаш керек. Мисалы, шайлоо өткөрүүдөн баш тартып, мунун ордуна Жогорку Кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мыйзам кабыл алуу аркылуу узартуу өңдүү. Бул нерсеге эч качан макул болбош керек.

## "Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолордун киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2012-жылдын 6-июлу, №99

Кабыл алынган Мыйзам менен шаарлардын жергиликтүү кеңештерине депутаттарды шайлоонун жол-жобосу өзгөрөт. Тагыраак айтканда, жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү тартиби жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгын аныктоо.

Коомчулуктун бир топ наразычылыгына жана депутаттык мандаттардын жарымын шайлоочулар тобу тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер алган Каракол, Токмок, Балыкчы шаарларында жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоонун жыйынтыктарына карабастан бул Мыйзам шаардык кеңештерге депутаттыкка талапкерлердин тизмесин жылдыруу укугуна ээ болгон шайлоочулар тобун шайлоо процессинин субъекттеринин катарынан  чыгарат. Мындан ары мындай укук саясий партияларга гана тиешелүү болот.

Биздин көз карашыбызда, шаардык кеңешке шайлоодо шайлоочулар тобунун тандоо процессинен чыгарылышы жана жалгыз гана партиялык монополиянын өкүм сүрүп калганы туура эмес. Бул тууралуу биздин уюм бир нече жолу ушул Мыйзамды талкуулоого арналган ар кандай иш-чараларда да, ММК беттеринде да (бул маселеге байланыштуу биздин уюмдун негизделген туруму менен "Муниципалитет" журналынын №6-7 санында тааныша аласыздар) айтып келди.

Мындан тышкары "Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө" КР мыйзамында 2 берене пайда болду (56 жана 56-1-беренелер). Ушул эки берене тең шаардык кеңештерге шайлоонун жыйынтыгын аныктоо тартибин регламенттештирет. Б.а., шаардык кеңешке шайлоонун жыйынтыгы боюнча депутаттык мандатты бөлүштүрүүнүн түрдүү ыкмасын орноткон шайлоо процессинин жол-жоболорун.

Эгерде 56-берене шаардык кеңешке шайлоонун жыйынтыгы боюнча депутаттык мандаттар 7 пайыздык шайлоо босогосу жок (буга чейин болуп келгендей) бөлүштүрүлөт десе, 56-1-берене депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнүн өзгөчө тартибин караган.

56-1-беренеге ылайык, депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 7 жана андан көп пайыз (б.а., шайлоо босогосу орнотулду) добушуна ээ болгон саясий партиялар гана катыша алат. Эгерде шайлоого катышкан бир да саясий партия орнотулган босогодон өтө албаса, Мыйзамда шайлоого катышкан саясий партиялардын депутаттык мандатты бөлүштүрүүгө жол ачкан үч өзгөчө учуру каралган.  Үч учурда тең сөз шайлоо босогосунан өткөн партиялардын зарыл саны байкалбаса, анда мандатты бөлүштүрүүгө эң көп добушка ээ болгон партиялар катыша турганы жөнүндө болот.

Ошентип эми "Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамы шаардык кеңешке депутаттарды шайлоонун жыйынтыгы боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнүн түрдүү ыкмалары каралган эки окшош нормага ээ (56 жана 56-1-беренелери). Бул болсо шайлоо мыйзам системасына карама каршы келет. Ушул эки карама каршылыкты күзгү шайлоо өнөктүгү башталганга чейин мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана "Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө" КР мыйзамынын текстинен 56-беренени же 56-1-беренени алып салуу зарылчылыгы жаралды. Болбосо бул карама-каршылык шаардык кеңештерге депутаттарды шайлоонун жыйынтыгы боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүдө сөзсүз укуктук талаш-тартышка алып келет.

## МЫЙЗАМ ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

### • Балдар тууралуу

#### Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси, 2012-жылдын 10-июлу, №100

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин жаңы редакциясы (мындан ары – Кодекс) жалпы таанылган принциптерге жана эл аралык укуктун нормаларына ылайык Кыргыз Республикасында балдардын укугун коргоо менен байланышкан маселелерди чечүүгө багытталган. Жалпысынан Кодекс балдардын укугун коргоо тармагында калыптанып калган укуктук мамилелерди жөнгө салууда концептуалдык жаңы ыкмаларды карап, турмуш шарты оор болгон үй-бүлөлөрдү, балдарды аныктоо боюнча конкреттүү чараларды кабыл алууга; балдардын укуктарынын жана мыйзамдык кызыкчылыктарынын негизги кепилдиктерин камсыздоого жана жашоо шартын жакшыртууга, алдын алууга багытталган бир катар функцияларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бекитти. Мындан ары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Кодекс жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамы менен аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде балдардын укугун жана кызыкчылыктарын камсыздоо менен алектенген органдардын тизмесине кошулду.

Кодексте оор турмуштук кырдаалда калган үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоодо жана алгачкы баалоо жүргүзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кошумча ыйгарым укуктары жана жоопкерчилиги орнотулду. Мындан тышкары оор турмуштук кырдаалга кабылган балдарды коргоонун алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында балдар иштери боюнча комиссиялар жана социалдык маселелер боюнча комиссиялар түзүлүүдө. Мында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 20-пунктунун 1-бөлүгүнүн 18-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерине балдар жана жаштар менен иш алып баруу боюнча иш-чараларды ишке ашырууну уюштуруу гана кирет.

## • Терминдерди жана аныктамаларды алмаштыруу тууралуу

### "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасыын мыйзамы, 2012-жылдын 29-июну, № 91

Мыйзам техникалык мүнөздөгү түзөтүүлөрдү киргизди. "Аткаруучу-тескөөчү", "айылдык, шаарча, шаардык жана райондук", "жалпы мамлекеттик жана башка кирешелер" деген сөздөр "аткаруучу"; "айылдык жана шаардык"; "жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер" деген сөздөргө ар түрдүү жөндөмөлүк жана сандык формаларда алмаштырылды.

### "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КРнын мыйзамы, 2012-жылдын 13-июлу, № 106

Мыйзам техникалык мүнөздөгү түзөтүүлөрдү киргизди. "Аткаруучу-тескөөчү", "жалпы мамлекеттик салыктар жана кирешелер", "айыл, шаарча, шаар жана район" сөздөрү "аткаруучу", "жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер"; "айылдык аймак жана шаар" деген сөздөргө ар түрдүү жөндөмөлүк жана сандык формаларда алмаштырылды. Ошондой эле 2-бөлүктүн 1-беренесинде "бюджеттер" сөзүнөн кийин текст "кирешелерди жана чыгашаларды камтыйт" деген сөздөр менен толукталган; 15-бөлүк төмөндөгүдөй редакцияда баяндалган: "Жергиликтүү бюджеттин киреше булактары – жергиликтүү салыктар, жыйымдар жана салыктык эмес төгүмдөр; республикалык деңгээлдеги бөлүштүрүлүүчү салыктар жана кирешелер; трансферттер, ыктыярдуу салымдар". 2-берененин үчүнчү абзацында "иштерди" деген сөз "маселелерди" деген сөзгө алмаштырылды (сөз учурда мыйзамда "жергиликтүү маанидеги иштер" деген форма колдонулбай калганы, ал "жергиликтүү маанидеги маселелер" деген формага алмаштырылганы жөнүндө болуп жатат). 13-берененин бүткүл текстинде "болжолдуу" деген сөз "белгиленген" деген сөз менен алмаштырылды.

## • Жергиликтүү бюджеттин кирешелери тууралуу

### "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2012-жылдын 9-августу, №162

Бул Мыйзам жер казынасын пайдалануучуну пайдалуу кен байлыктарды издөө, чалгындоо жана иштетүү боюнча өз ишмердүүлүгүн дагы да натыйжалуу ишке ашырууга дем берген экономикалык механизмди түзүү максатында кабыл алынды. Кол коюлган Мыйзам "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Мыйзамды жаңы 19-2-беренеси менен толуктайт. Анда салыктык эмес төлөмдүн жаңы түрү каралган, ага ылайык жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн төлөм киргизилген. Бул төлөм Кыргызстанда пайдалуу кен байлыктарды издөөгө жана/же чалгындоого жана/же иштетүүгө укук алган жер казынасын пайдалануучу тарабынан төлөнөт. Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн төлөмдүн суммасын төлөө тартиби жана мөөнөттөрү «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамга ылайык Өкмөт тарабынан аныкталат. Мында лицензияны кармап туруу үчүн төлөмдөрдөн түшкөн суммалар жергиликтүү бюджеттерге түшөт.

## • АЖМФ жерлери жана камсыздандыруучу төгүмдөр

### "Айыл чарба багытындагы жерлердин кыртышынын күрдүүлүгүн коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2012-жылдын 10-августу, №165

Мыйзам айыл чарба багытындагы жерлерге ээлик кылуу, пайдалануу, тескөө менен байланышкан кыртышты, күрдүүлүктү коргоо, сапатты сактоо жана кери кетүүдөн жана башка терс көрүнүштөрдөн коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат. Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына төмөнкү маселелерди кошот (7-берене):

1) бирдиктүү улуттук кыртыш саясатын ишке ашыруу;

2) кыртышты коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын өнүгүү стратегиясын, максаттуу программаларын ишке ашыруу;

3) тоодогу дыйканчылыктын жана мал чарбачылыктын тобокелчилигин эсепке алуу менен кыртышты коргоо чөйрөсүндө илимдин прогрессивдүү иштеп чыгууларын жана илимий изилдөөлөрдү колдонуу;

4) кыртыштын нормативдеринин, сапат, күрдүүлүк регламенттеринин сакталышына мониторинг жүргүзүү;

5) кыртыштын күрдүүлүгүн рационалдуу колдонуу жана арттыруу, кыртыш ресурстарын коргоо боюнча райондун жана айылдык округдун деңгээлинде программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

6) кыртыштын жана кыртышты коргоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын абалы тууралуу жарандарды маалымдоо;

7) Мамлекеттик жер фондунун жерлеринин күрдүүлүгүн арттыруу боюнча чара колдонуу;

8) кыртышка зыян тийгизүү үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча чараларды колдонуу.

### "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2012-жылдын 8-августу, №157

Мыйзам ЖӨБ органдарынын көйгөйлүү маселесин чечүү максатын көздөйт – АЖМФ жерлерин берүүдө камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө түйшүгүн ЖӨБ органдарынан ижарага алуучуга жүктөө. Мындан ары камсыздандыруу төгүмдөрүн ижарага алуучу төлөйт жана ал жеке камсыздандыруучу эсепке которулуп турат (3-пункттун 7-беренеси).

## • Менчик тууралуу

### "Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2012-жылдын 8-августу, № 155

Милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылбаган келишимдердин негизинде пайда болгон кыймылсыз мулккө укукту мамлекеттик каттоону ишке ашырган мамлекеттик каттоочулардын укуктарын жана милдеттерин аныктаган мыйзам күчүнө кирди.

Белгилүү болгондой, 2009-жылдын 30-мартында "Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамынын кабыл алынышы менен кыймылсыз мүлктү ажыратуу келишимдерин милдеттүү түрдө күбөлөндүрүү талабы жокко чыгарылган (КР ЖК 416-беренеси). Буга байланыштуу ушул тапта кыймылсыз мүлк объекттерин сатуу-сатып алуу келишими жазуу түрүндө түзүлөт жана нотариалдык күбөлөндүрүүсүз мамлекеттик каттоого жатат.

Анткен менен "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен келишимдерге укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" КР мыйзамы милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылбаган, кыймылсыз мүлк объекттерин сатуу-сатып алуу келишимине мамлекеттик каттоону ишке ашырган мамлекеттик каттоочулардын укуктары жана милдеттери так аныкталган эмес.

Эми мыйзам менен мамлекеттик каттоочулардын укуктары жана милдеттери аныкталды. Тактап айтканда, бүтүмгө катышып жаткан ар бир жактын инсандыгын, анын колтамгасынын аныктыгын текшерүү; бүтүмгө катышып жаткан жарандардын жоопкерчиликке жарамдуулугун жана юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин укукка жөндөмдүүлүгүн, бүтүмдү ишке ашырып жатканда жактардын чыныгы эркин аныктоо; жактардын укуктарын жана милдеттерин, кабыл алган милдеттенмелерин жакшы аткарбагандыгы үчүн алардын жоопкерчилигин түшүндүрүү; милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылбаган келишимди, ээликтен ажыратуу тууралуу келишимдерин түзүү боюнча бүтүмдүн кесепеттери жөнүндө эскертүү.

Бул мыйзамдын кабыл алынышы менен каттоого алынган укуктар тууралуу маалыматтар Интернет тармагы аркылуу кыймылсыз мүлк боюнча бирдиктүү маалыматтык системадан (КБМС) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабына аныкталган тартипте берилиши мүмкүн.

## • Кадрлар тууралуу

### "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасын жакшыртуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Буйругу, 2012-жылдын 11-июлу, №135 ПБ

Өлкөдө жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну реформалоо процессинин маанилүү жалганмасы бийликтин бардык деңгээлдеринде мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын натыйжалуулугу болуп эсептелет. Ал көп учурда жолго салынган система жана жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо практикасы менен ишке ашырылат.

Республиканын бир катар жогорку окуу жайлары мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө базалык адистиктер боюнча кадрларды даярдап келет. Мында ушундай окуудан өткөн адистердин саны жана компетенттүүлүгү талаптарга жооп бербейт.

Жалпысынан Кыргызстанда мамлекеттик башкаруунун заманбап керектөөлөрүнө жана коомдун талаптарына жооп берген мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар үчүн кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча бирдиктүү система калыптана элек.

Башкаруу чөйрөсүндө адистердин кесипкөй өнүгүүсү менен байланыштуу укуктук, уюштуруучулук, каржы-экономикалык жана окуу-методикалык мүнөздөгү чаралардын комплексин ишке ашырууну караган ченемдик укуктук база олуттуу өнүгүүгө муктаж.

1997-жылы түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы азырынча мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу маселелери боюнча өлкөдөгү алдыңкы билим берүүчү, илимий-изилдөөчү, илимий-маалымдоочу жана эксперттик-аналитикалык борбор боло элек.

Мунун баары активдүү мамлекеттик колдоо алдын-

да бийликтин аткаруу органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн кадрларды даярдоо жана кайра даярдоонун бирдиктүү системасын түзүү боюнча оперативдүү чара көрүү, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясынын ишмердүүлүгүн анын баштапкы багышталганына, ошондой эле мамлекеттик курулуштун заманбап баскычтарынын тапшырмаларына шайкеш келтирүү зарылдыгын шарттайт.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарын жогорку квалификациядагы кадрлар менен камсыздоонун натыйжалуу системасын түзүү, алардын кесипкөй өнүгүүсүн үзгүлтүккө учуратпоо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын иштешин жөнгө салган мыйзамдык базаны жакшыртуу максатында төмөнкүнү токтом кылам:

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы деп өзгөртүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары төмөнкүлөр болоорун орнотуу:

1) мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү адистер үчүн дүйнөлүк мыкты стандарттарга шайкеш келген билим берүүчү программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын арттыруу боюнча натыйжалуу системаны уюштуруу;
3) мамлекеттик саясат маселелери боюнча илимий-изилдөөчү жана эксперттик-аналитикалык иштерди уюштуруу жана жүргүзүү;
4) Кыргыз Республикасынын Аппаратынын тапшырмалары боюнча иликтөө жүргүзүү, жумуштарды жана кызматтарды аткаруу, ошондой эле анын ишмердүүлүгүн эксперттик-аналитикалык жана илимий жактан камсыздоо;
5) мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына консультативдик, маалыматаналитикалык жана илимий-методикалык кызматтарды көрсөтүү.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы:

1) Ушул Буйруктун 2-пунктуна ылайык:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосуна жаңы Уставдын долбоорун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын структурасын ишмердүүлүгүнүн жарыяланган багыттарына ылайык келтирүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- эки айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын 2015-жылга чейинки аралыкка Стратегиясын иштеп чыгуу;
- окуу процессинин, билим алып жаткандардын ортодогу жана аяктоочу аттестациясынын сапатын көзөмөлдөөнүн натыйжалуу системасын уюштуруу;
- 2012-жылдын 1-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын окуу процессинин жана илимий-изилдөөчү ишмердүүлүгүнүн бирдиктүүлүгүн камсыздоо боюнча чараларды ишке ашыруу;
- 2012-жылдын 1-сентябрына чейин илимий жактан негизделген критерийлер менен профессордук-окутуучулук курамдын эмгегинин сапатын объективдүү баалоо системасын иштеп чыгуу жана жайылтуу;

2) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте:

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында билим берүүнүн күндүзгү жана кечки формалары боюнча окуу программаларынын натыйжалуулугуна жана сапатына анализ жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын билим берүү жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн ушул мыйзамдын 2-пунктунда орнотулган негизги багыттарына гана баскыч-баскычы менен өзгөртүү маселеси боюнча сунуш киргизүү.

**4.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине төмөнкү иш-чараларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну тапшыруу:

1) мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу адистерин даярдоо маселеси боюнча жогорку билим берүү системасында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын координациялай турган ролун аныктоо;

2) "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы үчүн бюджеттик квоталарды баскыч-баскычы менен көбөйтүү.

**5.** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына:

1) төмөнкүлөрдү иштеп чыгуу жана кароого киргизүү:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерин окутуу Стратегиясын;
- Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын кадрларынын Улуттук жана ички резервдерин түзүү жана иштеши тууралуу жаңы жобонун долбоору;

2) төмөнкүлөрдү жөнгө салган ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана орнотулган тартипте кароого киргизүү:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын арттыруу боюнча мамлекеттик программаларды тандоо боюнча процедуралар;
- максаттуу даярдык программалары боюнча окууга тандоонун тартиби жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ишке орноштуруу.

**6.** Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы менен биргеликте кийинки жылдын республикалык бюджетинин долбоорунда андан ары чагылдырылышы менен төмөнкү иш-чараларды толук кандуу каржылоо маселесин иштеп чыгуу:

1) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу мамлекеттик программаларын түзүү жана

аткаруу боюнча;

2) мамлекеттик саясат маселелери боюнча илимий-изилдөөчү жана эксперттик-аналитикалык иштерди уюштуруу жана жүргүзүү;

3) Кыргыз Республикасынын Аппаратынын тапшырмалары боюнча иликтөө жүргүзүү, жумуштарды жана кызматтарды аткаруу, ошондой эле анын ишмердүүлүгүн эксперттик-аналитикалык жана илимий жактан камсыздоо боюнча.

**7.** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына эки айлык мөөнөт ичинде ушул Буйруктан чыккандарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларына киргизүү тууралуу мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу.

**8.** Ушул Буйруктун аткарылышына көзөмөл жасоо милдети Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппарат башчысына жүктөлсүн.

**9.** Ушул Буйрук расмий жарыяланган күндөн тарта күчүнө кирет.

**"Эркин Тоо" гезитинде**
**2012-жылдын 13-июлунда №61 санында жарыяланды**
**Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев**

# • ЖӨБ ишин баалоо тууралуу

## "Жергиликтүү деңгээлде калктын социалдык кызматтарга керектөөсүн баалоону өткөрүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, 2012-жылдын 2-августу, № 535

2012-жылдын 2-августунда КР Өкмөтүнүн №535 токтому менен бекитилген жогорудагы Жобо калктын социалдык кызматтарга керектөөсүн аныктоо жана калктын социалдык кызматтарга жетүүсүн камсыздоо максатында иштелип чыкты.

Бул Жобо "Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" КР мыйзамына ылайык, социалдык кызматтарды уюштуруу жана көрсөтүү үчүн жергиликтүү деңгээлде калктын социалдык кызматтарга керектөөсүн баалоону өткөрүү тартибин аныктайт.

Мисалы, Жобого ылайык, жергиликтүү деңгээлде калктын социалдык кызматтарга керектөөсүн баалоону (мындан ары – баалоо) КР Социалдык өнүгүү министрлиги саламаттык сактоо, билим берүү, ички иштер органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көмөгү менен үч жылда бир жолудан көп эмес убакытта тиешелүү жылдын 1-февралынан 1-мартына чейин уюштуруп турат.

Бул үчүн Министрлик 15-январга чейин баалоону жүргүзүү боюнча республикалык планды кабыл алып, калктын социалдык кызматтарга керектөөсүн баалоо боюнча анкетанын формасын бекитет.

Баалоо жүргүзүү боюнча республикалык планга ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, республикалык жана облустук маанидеги шаарлардын мэриясы уюштуруу комиссиясынын курамын жана короо кыдырып анкета толтуруунун календардык планын, ошондой эле Календардык планда орнотулган мөөнөттөрдү бекитет:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына короо кыдырып анкета толтуруу үчүн жоопту болгон адамдарды аныктоо сунушталат;
- социалдык өнүгүүнүн аймактык органдар менен биргеликте анкета толтуруу үчүн жоопту болгон адамдарга көрсөтмө берүүнү уюштурат;
- анкета толтуруп жүргөн адамдарды анкетанын формасы менен камсыздайт.

Бул баалоо короо кыдырып анкета толтуруу жолу менен ишке ашат. Анкета толтуруу бекитилген форма боюнча анкета толтуруу жолу менен ишке ашат жана ошол аймакта жашаган үй-бүлөлөрдү жана даректүү социалдык жардамга муктаж болгондорду, ошондой эле социалдык өнүгүү боюнча аймактык органдарга кайрылган жарандардын арызынын негизинде кыдыруунун жыйынтыгы боюнча толтурулат.

Анкета толтуруунун жыйынтыгы боюнча социалдык өнүгүүнүн аймактык органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, шаар мэрияларынан, жергиликтүү мамлекеттик администрациядан алынган анкетанын анализинин жыйынтык таблицасын ситемалаштырат, жыйынтыктоочу анализ жүргүзөт, тиешелүү аймактагы калктын социалдык кызматтарга керектөөсүн аныктайт жана КР Социалдык өнүгүү министрлигине тиешелүү аймакта социалдык кызматтарды жайылтуу зарылдыгы тууралуу сунуш киргизет.

Ушул Жобого ылайык, социалдык кызматтарга муктаж деп төмөнкүлөр таанылат:

- мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандар (улуулар жана балдар);
- жетимдер же ата-энесинин камкордугу жок калган балдар жана кризистик, же оор турмуштук кырдаалда калган башка балдар;
- кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдар жана өспүрүмдөр;
- девианттык жүрүм-турумдагы балдар жана өспүрүмдөр;
- үй-бүлөдө зомбулук көргөн жана катаал мамилеге кабылган балдар;
- аз камсыздалган үй-бүлөлөр;
- үй-бүлөдөгү жагымсыз моралдык-психологиялык климаттан жабыркаган, анын ичинде көп балалуу үй-бүлөлөр;
- толук эмес үй-бүлөлөр;
- эрезеге жете элек ата-энелердин үй-бүлөлөрү;
- жалгыз бой кары адамдар;
- атайын окуу-тарбиялык мекемелерде кармалган жарандар;
- туруктуу жашаган жери жок адамдар.

# «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун жаңылыктары (ЭҮЖӨБОЖ долбоору)

## Долбоор Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын пилоттук айылдык аймактарын тандоо боюнча сынактын жыйынтыгын чыгарды


Төмөнкү курамдагы сынактык комиссия: Асанакунов Б.Ж., комиссиянын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу бөлүмүнүн муниципалдык башкаруу секторунун башчысы; Нарусбаева У. Р., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары; Бекиев Б. Ж., "Эл үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун жетекчиси; айылдык аймактардын (АА) ЖӨБ органдарынан түшкөн 58 (элүү сегиз) даана (Жалал-Абад облусундагы АА 41 жана Ысык-Көл облусундагы АА 17 табыштама) табыштаманын ар бирин бирден карап чыкты. Табыштаманын сапаты, ЖӨБ органынын, жамааттын активдүүлүгү, башка донорлордун болгону өңдүү талаптарды эске алып жана ар бир табыштаманы баллдык система боюнча баалап чыгып, сынактык комиссия пилоттук аймактарды тандады.

**Жалал-Абад облусу боюнча:** Көк-Таш АА, Ала-Бука р-ну; Жаңы-Жол АА, Аксы р-ну; Бешик-Жон АА, Базар-Коргон р-ну; Сакалды АА, Ноокен р-ну; Багыш АА, Сузак р-ну; Бел-Алды АА, Токтогул р-ну; Тогуз-Торо АА, Тогуз-Торо р-ну; Сумсар АА, Чаткал р-ну.

**Ысык-Көл облусу боюнча:** Ак-Чий АА, Ак-Суу р-ну; Бостери АА, Ысык-Көл р-ну; Липен АА, Жети-Өгүз р-ну; Арал АА, Түп р-ну; Улахол АА, Тоң р-ну.

Ошондой эле комиссиянын протоколунда эгерде пилоттук АА сынактан жүйөлүү себептер менен чыгып кетсе, баллынын саны боюнча андан кийинки орунда турган АА сынактын жеңүүчүсү деп табылары айтылган. Эгерде жаңы пайда болгон кырдаалда пилоттук АА менен натыйжалуу иш алып баруу мүмкүн болбой калса, ал эми Долбоордун натыйжалуулугу күмөн жарата турган болсо, анда Долбоор тандалган айылдык аймакты табыштама бергендердин тизмесиндеги башка АА өз алдынча алмаштыруу укугуна ээ.

## Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын райондук активисттерине элеттин керектөөлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА) ыкмаларын үйрөтүү



2012-жылдын 4-июлунан 6-июлуна чейин Караколдо жана 2012-жылдын 12-июлунан 14-июлуна чейин Жалал-Абадда ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери жана кеңешчилери Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы кайрадан тандалып алынган пилоттук 13 райондун активисттерин окуудан өткөрдү.

Үч күндүк окуу тренингине Ысык-Көл облусунан 17 жана Жалал-Абаддан 20 активист катышты. Катышуучулардын бардыгы жергиликтүү маанидеги иштерге жарандарды тартуу маселелери боюнча жергиликтүү жамаат менен иш алып барууда тажрыйбага ээ жана ЖӨБ өнүктүрүү маселесине кайдыгер карабайт.

Тренингдин катышуучулары ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун негизги максаттары жана тапшырмалары менен таанышып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун төмөнкү компоненттери боюнча теориялык жана практикалык таржрыйбага ээ болушту:

- ЖӨБ органдарынын уюштуруучулук жана мыйзамдык негиздери,
- ЖӨБ каржы-экономикалык негиздери,



- муниципалдык менчикти башкаруу,
- коомдук угуулар,
- маалымат алмашуу, "Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматка жетүү жөнүндө" Мыйзам.

Окутуу жараянынын жүрүшүндө калктын жарандык катышуусунун маалыматтык жана коммуникативдик механизмдеринин практикалык маселелерине жана аларды колдонууга, муниципалдык каржыны жана муниципалдык менчикти башкарууда айкындуулукка, коомдук угууларды өткөрүүгө, ошондой эле жергиликтүү маанидеги иштерге жана "Катышуу дөңгөлөгү" бюджеттик процессине жарандардын катышуу моделине өзгөчө көңүл бурулду.

Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы элеттик муниципалитеттердеги жергиликтүү маанидеги иштерге жарандардын катышуусунун моделин жайылтуу маселелери боюнча мындан аркы аракеттерди биргелешип пландаштыруу окутуунун соңку бөлүгү болуп калды. Ошондой эле долбоор менен кызматташуунун формасы, алдыда жасала турган иштердин көлөмү, уюштуруучулук жана административдик маселелер талкууланды.



## ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жаңы пилоттук айылдык аймактар менен Кызматташтык тууралуу Макулдашууга кол койду

2012-жылдын август айында "Эл үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы жаңы 13 пилоттук элеттик муниципалитеттер менен Кызматташтык тууралуу Меморандумдарга кол койду. Кол коюлган макулдашуунун шарттарына ылайык, пилоттук элеттик муниципалитеттердин айыл өкмөтү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун ишке ашыруунун алкагында уюштурулган бардык иш-чараларга активдүү катышуу аркылуу Долбоордун максаттарына жетүүдө ар тараптуу жардам көрсөтүүгө милдеттендирилет.

Өз кезегинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору да ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин дараметин арттырууда ар тараптуу жардам көрсөтөт.






# Пилоттук муниципалитеттердеги жамааттар үчүн алгачкы тренингдер

ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун кызматкерлери жаңы пилоттук муниципалитеттерде «Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жарандардын катышуусунун модели» аттуу темага эки күндүк тренинг өткөрүштү.

Ысык-Көл облусунда тренингге беш райондон 39 айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү катышты. Жалал-Абад облусунда бардык сегиз райондун 55 айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү болду. 362 адам – айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана жергиликтүү жамааттардын лидерлери тренинг маалында биргелешип иштешти. Тренингдин алгачкы күнү Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жарандардын катышуусунун теориялык моделине арналды. Анын жүрүшүндө тренингдин катышуучулары элеттин көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА) ыкмасы менен тааныша алышты.

Алгачкы күнү «Картирлөө», Венн Диаграммасы, «Токоч», «Көйгөйлөр галереясы» өңдүү ыкмаларды өздөштүрүү менен ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өздөрүн ЭКБА-сессиялардын фасилитаторлору ролунда көп жакшы элестете алышкан жок жана мындай иш-чаралар иш жүзүндө пайда алып келеринен күмөн санап турушту. Тренингдин экинчи күнү Кыргызстандын 13 элеттик муниципалитетинин тарыхында ар кандай күмөн саноолорду четке каккан күн катары калды. АӨ башчылары, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери алгачкы жолу өздөрүнүн аймактарында элеттин көйгөйлөрүн биргелешип аныкташты. Өз тажрыйбасын Липен АӨ (Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району) өкүлү Станбеков Р. мындайча сүрөттөдү: «Мен бир топ тренингдерге катышкам жана керектөөлөрдү баалоо тууралуу уккам, бирок муну айыл өкмөтү өзү да жасай алат деп эч качан ойлогон эмесмин. Экинчи күн мага сабак болду: мен өз алдымча өзүмдүн эле досторума, кошуналарыма, туугандарыма ЭКБА тууралуу жөнөкөй сөздөр менен айтып, сурап, түшүндүрүп берип аттым. «Токочтун», Венн Диаграммасынын, «Көйгөйлөр галереясынын» жардамы менен биз эң актуалдуу маселелерди жана көйгөйлөрдү аныктап алдык». Тренингдердин жыйынтыгында муниципалитеттердин өкүлдөрү ЭКБА-иш-чараларын өткөрүү боюнча билимге жана жөндөмгө ээ болушуп, андан кийинки ЭКБА-иш-чараларын өткөрүүнүн графигин иштеп чыгышты. Аныкталган көйгөйлөрдү канааттандыруу боюнча пландар жана конкреттүү биргелешкен аракеттер алардын натыйжасы болуп калыш керек. Тренингдин катышуучуларынын өздөрү иш жүзүндө окуу материалдарын колдонууга кызыкдар экенин тастыкташты. Бул тууралуу Шайдан АӨ (Жалал-Абад облусу, Ноокер району – пилоттук эмес АА) өкүлү Токторов К. айтты: «Тренингдин материалдарын биздин шарттарда колдонсо болот, бул болсо ушул тренингди актуалдуу кылат. ЭКБА ыкмалары оор деле эмес».





# Бишкекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын жана өкмөттүн республикалык кеңешмеси өттү

2012-жылдын 20-июлунда Улуттук филармонияда өкмөт менен Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын башчыларынын республикалык кеңешмеси өттү. Ага министрлер кабинетинин мүчөлөрү, бийликтин аткаруу органдарынын жетекчилери, облустук жана райондук мамлекеттик администрация башчылары, Бишкектин жана Оштун мэрлери, шаарлардын мэрлери жана айыл өкмөт башчылары катышты.

Муниципалитеттин өкүлдөрүнө жардам болсун деп Өнүктүрүү саясат институту өз жагынан салым катары "Муниципалитет" журналынын атайын чыгарылышын даярдады, ал болсо катышуучуларга таратылып берилчү материал катары таратылды. Мындан тышкары ӨСИ да иш-чара башталганга чейин уюштурулган стенддердин жана маалыматтарды камтыган материалдардын көргөзмөсүнө катышты.

# Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары

## ӨСИ муниципалдык жерлерди жана объекттерди эсепке алуу жана инвентарлаштыруу боюнча долбоордун жыйынтыгын чыгарды



2012-жылдын 24-июлунда "Чүй облусундагы муниципалитеттерде ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу" долбоорунун расмий жыйынтыкталганына арналган "тегерек стол" өттү. Ага пилоттук муниципалитеттердин болжол менен отузга жакын өкүлү, Мамкаттоонун, Чүй облусундагы жана Бишкек шаарындагы ММКнын, ошондой эле долбоордун жыйынтыктары менен таанышуу ниетин билдирген коңшу элеттик муниципалитеттердин да өкүлдөрү катышты.

Модератор катары КР Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин жетекчисинин орун басары Улара Нарусбаева чакырылды. Долбоордун менеджери Мээркан Карбозова тегерек столдун катышуучуларына долбоордун кыскача бет ачарын өткөрүп, анын көйгөйлөрүнө жана жетишкендиктерине токтолду. Өз кезегинде пилоттук муниципалитеттердин башчылары жана өкүлдөрү долбоорду ишке ашыруу процессинде жетишилген ийгиликтер, ошондой эле келечекке пландары менен бөлүштү. Жалпысынан долбоордун алкагында Чүй облусунун төрт элеттик муниципалитети муниципалдык менчиктеги 220 объектти тапты. Долбоордун жыйынтыгы тууралуу кененирээк "Муниципалитет" журналынын ушул санынын 15-бетинен окуй аласыз.

## Бишкекте Дүйнөлүк банктын КРда маалыматтык айкындуулук жана отчеттуулук боюнча долбоорунун жыйынтыктоочу иш-чарасы өттү






Дүйнөлүк банктын "Кыргыз Республикасында маалыматтык айкындуулук жана отчеттуулук маселелери" долбоорунун жыйынтыкталганына арналган иш-чара Бишкекте үстүбүздөгү жылдын 25-июлунда өттү. Ага райондук, облустук жана республикалык айрым ММК редакторлору, донордук уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Долбоор Борбор Азиядагы университет тарабынан Өнүктүрүү саясат институту, Кыргыз фонддук биржанын пресс-клубу жана "Айкын бюджет үчүн" альянсы менен өнөктөштүктө ишке ашырылды. Бир жарым жылга созулган бул долбоор "Башкарууда өнөктөштүк механизми" программасынын алкагында каржыланып, Дүйнөлүк банктын "Кыргыз Республикасында маалыматтык айкындуулук жана отчеттуулук маселелери" демилгесинин жалганма бөлүгү болчу. Программанын негизги максаты айкындуулукту камсыздоо жана бюджеттик процесс тууралуу коомчулуктун маалымдуулугун арттыруу үчүн ММК өкүлдөрүнүн дараметин жогорулатуу болуп эсептелет.

Долбоор 3 баскыч менен ишке ашырылды. Анын жүрүшүндө Кыргызстандын түрдүү ММК иштеген эки жүздөн ашуун журналист окуудан өттү. Окутуучу иш-чаралар түрдүү методдордун жана мехнизмдердин жардамы менен ишке ашырылды: теория жана практика жүзүндө көрсөтүү, үйрөтүү, ошондой эле пресс-сессиялардын методологиясы менен. Анын авторлору – Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери. Долбоордун жыйынтыгы боюнча жүз элүүдөн ашуун макала жарыяланды, алардын көбүн онлайн макалалар түздү.

## КРда ЖӨБ өнүктүрүү стратегиясы долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун алгачкы жыйыны өттү

Августта орто мөөнөттүү мезгилге (2017-жылга чейин) Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү Стратегиясын иштеп чыгуу боюнча активдүү иштер башталды. Стратегияны иштеп чыгуу тууралуу чечимди КР Өкмөтү кабыл алды. Бул үчүн КР премьер-министринин буйругу менен үстүбүздөгү жылдын 16-июлунда 8 адамдан турган жумушчу топ түзүлдү. Топко ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот Бекиев да кирди. Жумушчу топ 3-4-августта көчмө орнотуучу семинар өткөрүп, анда эксперттердин кеңири чөйрөсүнүн катышуусу менен стратегиянын негизги багыттары аныкталып, анын структурасы каралып, документтин мазмуну боюнча эксперттердин пикирлери жана күтүүлөрү топтоштурулду. БУУнун Өнүктүрүү программасынын, Өнүктүрүү саясат институтунун жана ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун каржылык колдоосу менен аталган институттун башкаруу төрайымы Надежда Добрецованын жетекчилиги алдында эксперттик топ түзүлдү. Бул топ Стратегияны түзүүгө киришти. Алдын ала маалыматтар боюнча Стратегияда ЖӨБ-2020 Элеси, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн төрт негизги стратегиялык блогу камтылат. Алар: ЖӨБ өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясат; ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу; ЖӨБ каржылык жана экономикалык өнүгүүсү; муниципалдык кызматтын профессионалдуулугун жогорулатуу жана дараметин бекемдөө.

**Эксперттердин жана органдардын көңүлүнө! Жумушчу топтун атынан Өнүктүрүү саясат институту Стратегияга сунуштарды кабыл алат (толугу менен маалыматтарды http://www.dpi.kg/ru/news/full/346.html дареги боюнча таба аласыздар!**

## Өнүктүрүү саясат институту “Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессинде жаштардын катышуусун күчөтүү” долбоорунун жыйынтыгын чыгарды

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде жаштар саясатынын жетишкендиктери жана көйгөйлөрү, ошондой эле анын келечеги 2012-жылдын 15-августунда “Достук” мейманканасынын жыйындар залында өткөн “тегерек столдун” жүрүшүндө каралды жана талкууланды.

Долбоордун алкагында Нарын, Ысык-Көл жана Ош облустарынын жаштар топтору сунуштаган 12 долбоор колдоого алынды. Өнүктүрүү саясат институту тарабынан каржылоонун жалпы суммасы (“Сорос – Кыргызстан” фондунун Жаштар программасынын каражатынын эсебинен) 230 миң сомду түздү. Нарын облусундагы бардык долбоорлор 2011-жылдын декабрь айында ишке ашырылып, алардын ичинен үчөө өзгөчө чоң кызыгууну жаратты. Ысык-Көл жана Ош облустарындагы долбоорлор 2012-жылдын июлунда ишке ашырылды. Ишке ашырылган долбоорлор тууралуу кеңири маалыматты, ошондой эле жергиликтүү





өз алдынча башкаруу органдарынын жаштар саясатын түзүүгө карата сунуштарын “Муниципалитет” журналынын ушул санынын 28-бетинен окуй аласыз.

Иш-чарага жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жаштар уюмдарынын жана демилгелеринин, жарандык коомдун донордук жана жергиликтүү уюмдарынын өкүлдөрү катышты. Ишчаранын жүрүшүндө жаштар уюмдарынын өкүлдөрү жеринде өткөрүлгөн акциялар жана алардын натыйжалары тууралуу айтып берип, ошондой эле аймактарда жаштарды өнүктүрүүнү колдоо багытында биргелешип кызматташуунун келечеги каралып, талкууга алынды.

# Чүйдүн айылдык аймактары дээрлик 60 гектар муниципалдык жер тапты

**Төрт айыл өкмөтүндө эле кимдир бирөө тарабынан ээленбеген жана өздөштүрүлбөгөн, ушундан улам эч кандай киреше алып келбеген, жалпы аянты 56,6 гектарды түзгөн 220 жер участогу аныкталды. Ошол эле учурда элеттик калк отурукташкан пункттардын бюджеттеринде каражат таптакыр жетишсиз. Жергиликтүү тургундарга колдогу резервдерге көңүл буруугa "Чүй облусундагы муниципалитеттерде ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу" долбоорунун эксперттери жардам берди. Долбоор "Сорос – Кыргызстан" фондунун каражатынын эсебинен Өнүктүрүү саясат институтунун күчү менен ишке ашырылды.**

Мынчалык татаал аталышына карабастан долбоордун маңызы негизинен жер менен байланыштуу. Дал ушул жер үчүн кошуналар, атүгүл бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү, жакын туугандар ортосунда талаш-тартыштар көп болуп келет. Адатта алардын биринин карамагында 10-15 сотик жер болсо, башкалары эки-үч эсе көп жерге ээлик кылат. Кимдир бирөө уятын катып коюп эле жолдун боюндагы артыкбаш метрди өзүнө кошуп алса, экинчиси короосунда эле курулуш баштоого мажбур. Эмне үчүн? Анткени бөлүштүрүүдө ачыктык жана айкындуулук жок, бул болсо мамилелерди ызычуу менен чечүүгө шарт түзүп жатат.

Бир караганда оюндун шарттарын өзгөртүп коюп, аларды бардыгы жана ар бири түшүнө алгыдай кылсаң эле жарандар ыраазы болуп эле жатып калчудай көрүнөт. Бирок андай эмес да! Бардыгы эле адилеттүүлүктүн орношуна кызыкдар эмес. Мисалы, ошол эле ашыкча жерге ээ болгондор. Мындайлар, тескерисинче, өз жер үлүштөрүн ар кандай айла-амал менен жашыруун сактап калууга жан урат.

– Өнүктүрүү саясат институту долбоорду ишке ашырууга киришкенде биз ишибизди психологиялык тоскоолдуктарды жоюудан баштадык, - деп ачык айтат долбоордун менеджери **Мээркан Карбозова**. – Пилоттук аймактарды да тандап алуу, албетте, оңой иш болгон жок. Ошентсе да идеянын маңызын чечмелеп берүү, айыл тургундарынын ичинен активисттерди тартуу үчүн семинарлардын сериясын уюштуруу – бул мындан дагы түйшүктүү иш. Биз ондогон жолугушууларды өткөрдүк, дайыма консультативдик жардам көрсөтүп турдук, Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинен, Курулуш жана регионалдык өнүктүрүү мамагенттигинен, башка мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардан адистерди тарттык, массалык коомдук угууларга чейин көптөгөн уюштуруучулук маселелерди чечтик.

– Тилекке каршы көп убакыт ар кандай макулдашууларга жана долбоордун максатына эч тиешеси жок нерселерге кетти. Мына, талаа иштерине болгону бир ай калды. Албетте бул аз. Ошентсе да биз жаман эмес натыйжага жетише алдык. Муниципалдык жерлерди эсепке алуунун жана инвентаризациялоонун жүрүшүндө аянты 56,63 гектар болгон жер аныкталды. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана тургундарынын көз алдында жатса да экономикалык жүгүртүүгө киргизилген эмес. Мындан да кылдат текшере келгенде дагы да бир топ ээн участокторду тапса болот деген ишенимдемин. Негизи буга эми убакыт гана талап кылынат. Айыл өкмөт жетекчилиги, жергиликтүү депутаттар, айылдык актив жарым жолдо ишти таштап койбостон, муниципалдык жерлерди жана кыймылсыз мүлктөрдү текшерүүнү аягына чейин чыгарат деп үмүттөнөм. Анткени бул – бюджетке кошумча киреше булагы болуп берет, ал эми соңунда бул – асфальт төшөлгөн жолдор жана жарыктандырылган көчөлөр, ремонт жасалган мектептер, бала бакчалар жана ФАПтар, - деп белгилейт Карбозова.

Долбоордун катышуучуларынын алдына бирдиктүү тапшырма коюлду – айыл өкмөтүнүн адистеринин, айылдык кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү жамааттын лидерлеринин муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу маселесинде билим деңгээлин жогорулатуу. Ал эми кызыкдар жарандарды кантип мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу керектигин ар бир айыл өкмөтү өз мүмкүнчүлүгүнө жараша чечти. Бул жолду биринчи болуп басып өткөндөр эмне дейт?



## Биринчи аукционду даярдап жатабыз

Бек Жекшембаев, Ысык-Ата районундагы Юрьевка айыл өкмөтүнүн башчысы:

– Өткөрүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында муниципалдык менчикке 88 жер участогу кошулду. Алардын аянты – 17,2 гектар. Бул биз үчүн күтүүсүз ачылыш болду деп айта албайм. Болгону бул аймак кароосуз болчу, эсепке алынган эмес, ошондуктан аны колдонуу мүмкүн эмес эле.

Өнүктүрүү саясат институту биздин таман алдыбызда жаткан нерсеге жаңыча көз караш менен кароого жардам берди. Бул үчүн институттун кызматкерлерине жана семинарларды, тренингдерди жана иштин башка багыттарын каржылоону камсыздап берген "Сорос – Кыргызстан" фондуна чын дилден ыраазычылык билдиребиз. Сентябрда айылдын тарыхында алгачкы аукционду өткөргөнү жатабыз. Болжол менен 80 гектар жер

сатыкка коюлат. Биз ушул аукционду ачык, айкын жана жергиликтүү бюджетке, бардык тургундарга мүмкүн болушунча көбүрөөк пайда алып келе тургандай уюштурууда кайрадан эксперттердин жардамына муктажбыз.

Ошондой эле схематикалык картаны да түздүк. Анда кайсы үй-бүлө документтер боюнча жана иш жүзүндө канча жерге ээ болгону көрүнүп турат. Ашыкча жер алынып калбайт. Мында сотик үчүн реалдуу бааны коюп, жергиликтүү кеңештин сессиясында анын өлчөмүн бекитип, кожоюндарды өз жерин мыйзамдаштыруу үчүн аны сатып алууга түртөбүз.

Жергиликтүү казынага бери дегенде 150 миң сом түшөрү күтүлүүдө. Эсептеп көрсөм бул акчага талкаланган жолдун 2,5 километрине майда таш төксө болот экен. Анан кезекте Маданият үйүн, орто мектепти капиталдык ремонттоо турат. Болгону эки миллион сомду түзгөн бюджеттин киреше бөлүгүндө жүз элүү миң сом эч качан ашыкча болбойт.



## Өз укуктарыңды үйрөнүү, билүү

Акылбек Закиров, Ак–Бешим айыл өкмөтүнүн башчысы:

– Отчетторго караганда, баарынан көп участок эсепке бизде коюлган экен – 112, алардын аянты – 36 гектар. Эми алар күтүлгөндөй эле мыйзам жолу менен расмийлештирилет. Демек биз аларды аукционго коюп, ижарага бере алабыз.

Чынын айтканда жерге байланыштуу чатактар токтобой келет. Бекитилген норма – бир адамга 15 сотиктин ордуна кээ бир адамдар бир топ эле көп жерге ээлик кылат. Буга карабастан алар дагы да участок бөлүп берүүнү суранышат. Уулум эрезеге жетип калды, үйлөндү, анын үй-бүлөсүн өзүнчө бөлүп жибериш керек дешет. Түшүнөбүз, жашоодо болуп келген көрүнүш. "Келгиле, сиздин огороддон балаңыз үчүн участок кесип беребиз, ал ага мыйзамдын негизинде ээлик кылып калат" дейбиз. Бул нормалдуу процесс. Эң негизгиси бул нерсе стихиялык болбосун жана келечекте жаш үй-бүлөгө жана кары адамдарга миң түркүн көйгөй жаратпаса эле болду. Бүгүн биздин айылда жерди өз алдынча басып алуу көрүнүшү жок. Бирок бир канча жылдан кийин кырдаал кайсы жагына өзгөрөрүн ким билет? Жер абдан аз калган жана алтындан да кымбатка баалана турган учур да келет.

Баарыбыз юридикалык сабатка ээ болуп, учурдагы мыйзамдарды окуп, билишибиз керек деп эсептейм. Эгерде баары мыйзамды сактаса, этникалык да, башка кандайдыр бир жаңжалдар да болбойт.



## Соодадан качып кутула албайсың

Аскар Жаркымбаев, Аламүдүн районундагы Төмөнкү Ала-Арча айыл өкмөтүнүн жер түзүү боюнча алдыңкы адиси:

– Борбор калаанын түндүк четинде жаңы конуштар пайда боло баштагандан тарта биздин жерге талап жылдан жылга өсүүдө. Негизи айыл чарбага гана багытталган жерлер дээрлик калбай калды. Айланма жолдун боюнда жаткан мурдагы талааларда азыр соода күчөдү.

Аукцион өткөргөндө участоктордун ээлери ал жерлерге күркөлөрүн, же май куюучу станцияларын орнотушат. Биз буга каршы күрөшө албайбыз. Бирок өз алдынча жерди басып алууга караганда жок дегенде ушунусу дурусураак эмеспи. Болбосо жер басып алуудан айылда ээлтеден бери жашап келаткандар да, жергиликтүү бюджет да жабыркап келет.



## Ээн жерби? Бул жерде бак болот!

Алмазбек Дооронбеков, Ысык-Ата районундагы Логвиненко айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары:

– Чоңдалы аттуу алыскы айылда 1,2 гектар "табылды". Бул ээн жерге илгери-илгери эле баары көнүп калгандыктан эч ким деле байкабай калган: адамдар ары-бери өтүп жүрүп, аны кантип колдонсо болорун ойлочу деле эмес. Бирок ал жерге дарактарды отургузуп, бак ачса болот да. Бул – тургундардын демилгеси. Алар аймакты жакшылап калыбына келтирүү жана балдар үчүн спорт аянтчасын куруу үчүн ыктыярдуу төлөмдөрдү чогултууда. Демек адамдарга багыт гана көрсөтүп, аз каражат менен ыңгайлуу жашоо шартын түзүү жолун айтса болот.

Новопокровка айылында да оюн аянтчасын курууну пландаштырышууда. Ошентип бул жерде да мурда ээн жаткан 66 сотик жер адамдарга кызмат өтөп калгысы бардыр.

Дагы жакшы, өз көмөчүнө күл тартпаган ыктыярчылар табылып калды. Алар дагы бир соода түйүнүн орнотуу үчүн участокту ижарага сурашкан жок. Мындай түйүндөр ансыз да жайнайт. Ал эми өспүрүмдөр көнүгүү жасап, топ тепкенге жер жок болуп жатпайбы. Ошондуктан мындай демилге мени өзгөчө кубандырды.

Жаштар көчөсүндөгү бир гана участок талаш жаратты. Айрым депутаттар 5 сотикти аукционго коюуга караманча каршы болушту. Алардын ынанымында, бул аймак жеке менчикке өтүп кетпеши керек. Анткени ал аймак аркылуу адамдар, мал-жандыктар өтөт. Башкалар болсо, мындай мамиле жергиликтүү бюджетти кирешеден куру калтырып жатканын бетке кармашты. Эми айла жок, бул маселени айылдык жыйынга алып чыгабыз, анда көпчүлүктү канааттандырган чечим кабыл алынат. Эгерде жөө жүргөндөр үчүн жолду калтырып койсок ошол аймактын кайсы бир бөлүгүн колдонуп калабыз деген пикирдемин.

**Зинаида Сорокина,**
«Вечерний Бишкек», №111 (10475),
2012-жыл, 30-июль.

# "Чүй облусундагы муниципалитеттерде ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу" долбоорунун жыйынтыктары

Мамлекеттик каттоо кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин (МКК ККМУКД) адистеринин колдоосу менен айылдык аймактарда муниципалдык жерлерди эсепке алуу жана инвентаризациялоо боюнча иштер жүрдү. Иштин жыйынтыгы боюнча ЖӨБ органдары төмөнкү документтерге ээ болду:

- текшерилген аймактын чек араларынын оозеки сүрөттөлүшү менен таблица түрүндө участоктордун тизмеси кагаз жана электрондук формада, же электрондук гана формада, орус тилинде;
- 1:100 – 1:200 масштабында жер участогунун схемасы;
- 1:2000 масштабында РИК-карталар (планшеттер), аларга инвентаризацияланып жаткан аймактын чек аралары жана аныкталган участоктордун номурлары көчүрүлөт.

Жалпысынан Чүй облусундагы 4 муниципалитет боюнча муниципалдык жерлерди эсепке алуу жана инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча жалпы аянты 56,63 гектар болгон 220 жер участогу аныкталды:

- Ак-Бешим АӨ боюнча – жалпы аянты 35,94 гектар болгон 112 участок;
- Логвиненко АӨ боюнча – жалпы аянты 3,15 гектар болгон 15 участок;
- Юрьев АӨ боюнча – жалпы аянты 17,26 гектар болгон 88 участок;
- Төмөнкү Ала-Арча АӨ боюнча – жалпы аянты 0,2824 гектар болгон 5 участок.

Жерлерди эсепке алуу жана инвентаризациялоонун жыйынтыгы муниципалитеттердин ээлигинде ЖӨБ органдары өздөрү ойлогондон да көп менчик бар экенин көрсөттү. Муниципалдык менчиктин реестриндеги объекттердин саны долбоордун ишинин жүрүшүндө төмөнкүдөй болуп өстү:

- Төмөнкү Ала-Арча айылдык аймактын реестринде долбоорго чейин 6 объект болсо, эсепке алуу жана инвентаризациялоодон кийин алардын саны 11ге жетти;
- Юрьевде 8 объект болсо, эми 96 болуп калды;
- Логвиненкодо 35 болсо, эми 50 болуп калды;
- Ак-Бешимде 11 болсо, эми 123 кыймылсыз объект болуп калды.

Жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды анализдөөнүн натыйжасында Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ченемдик укуктук актылардын жыйнагын иштеп чыкты. Ошондой эле төмөнкү документтер жаңыртылып, таратылып берилди:

- Муниципалдык менчиктин карамагындагы жер участокторуна менчик же ижара укугун акынын негизде берүүнүн тартиби жана шарттары тууралуу Типтүү жобо;
- Оперативдүү башкаруунун укугунун негизинде муниципалдык мүлктү берүүнүн жана колдонуунун эрежелери;
- Имаратты (курулушту, жайды), ага бекитилген жер участогун же башка мүлктү сатуу-сатып алуу келишиминин үлгүсү;
- Ачык аукциондун жыйынтыктары тууралуу протокол;
- Имаратты, курулушту, жайды ижарага берүү тууралуу келишимдин үлгүсү;
- Кыймылсыз мүлктү куруу укугун бербестен (капиталдык курулуш) жер участогун ижарага берүү тууралуу келишимдин үлгүсү;
- Имаратты/жайды чукул арада (убактылуу) акы төлөбөстөн колдонуу тууралуу типтүү келишимдин үлгүсү;
- Чарба жүргүзүү укугунда муниципалдык мүлктү бекитип берүү тууралуу келишимдин үлгүсү;
- Кыймылсыз объектке муниципалдык менчик укугун тастыктаган, маалымат үчүн кыймылсыз мүлк бирдигине каттоо карточкасынын көчүрмөсү.

## Долбоордун негизги жетишкендиктери

- Кызматташтык тууралуу меморандумдарды түзүү аркылуу мамлекеттик структуралар (Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаменти, Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги) ортосунда биргелешип аракеттенүүнүн жаңы, дагы да натыйжалуу деңгээлине жетишилди.
- ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жана жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү муниципалдык менчикти башкаруу процессине мүмкүн болушунча көбүрөөк тартылууда.
- Муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу маселесинде айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин, айылдык кеңештин депутаттарынын, жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн билим деңгээли өстү.
- Кадастр департаментинин адистери муниципалитеттердин жер адистеринин көмөгү менен муниципалдык жерлерди эсепке алуу жана инвентаризациялоо боюнча сапаттуу иш жүргүздү, ар бир табылган жер участогуна кадастр пландарынын схемалары түзүлдү, бул участоктор катталган индекстелген карталарда белгиленип, алардын жалпы аянты аныкталды.

# Жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметин жакшыртуу,

### же

# Кантип дотациядагы элеттик муниципалитеттердин санын азайтса болот?

*Нурлан Раханов жана Асылбек Чекиров*

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугу өзүнүн жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу жана ага ылайык аларды өз кирешелеринен каржылоо мүмкүнчүлүгү менен аныкталат. Борбордук деңгээлден трансферттер түрүндө дотациялардын болгону ЖӨБ органдарынын тиги же бул тапшырмаларды өз алдынча аткаруу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Жергиликтүү деңгээлге өткөрүлүп берилген теңдөөчү гранттар максатсыз мүнөзгө ээ, бирок алардын көлөмү адатта учурдагы чыгашаларды жапканга гана жарайт (чыгашалардын корголгон беренелери, коммуналдык кызматтар боюнча чыгашалардын бөлүгү, башка учурдагы чыгашалар).

ЖӨБ өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттин саясаты жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын арттыруу жана дотациядагы муниципалитеттердин, адегенде айылдык аймактардын санын баскыч-баскычы менен азайтуу үчүн шарт түзүүгө багытталыш керек. Эгерде учурдагы бюджеттик саясат дотациядагы айылдык аймактардын деңгээлин азайтууга көмөктөшпөсө, тескерисинче көп учурда анын өсүшүнө түрткү болсо, демек мындай абалга эмне себеп болгонун аныктап, бюджеттер аралык мамилелер системасын жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды киргизүү зарыл. Акыркы жылдары айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттерине карата дал ушундай кырдаал түзүлүп калды. Соңку жылдар ичинде дотациядагы айылдык аймактардын санынын өсүшүндөгү өзгөрүү динамикасын карап көрөлү (№1 диаграмманы караңыз).

Маалыматтар көрсөтүп тургандай, дотациядагы айылдык аймактардын санынын чындап эле азайышы 2007-жылдан 2008-жылга чейинки убакытка туура келет. Б.а., бул мезгил Кыргыз Республикасында ЖӨБ өнүгүүсү үчүн "алтын" учур деп эсептелип калды. Андан кийинки жылдары, тескерисинче, дотациядагы айылдык аймактардын санында өсүш байкалат жана 2012-жылга карата алардын саны 393кө жетет. Бул болсо 2007-жылдагы көрсөткүчтөн да ашып түшөт. Ошентсе да элеттик муниципалитеттердин жалпы саны ушул эле мезгил ичинде 472ден 459га азайды.

Ошол эле маалда биз бирине-бири каршы келүүчү эки факторду байкай алабыз: жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин өсүшү жана теңдөөчү гранттардын көлөмүнүн өсүшү. Логика боюнча, кирешелердин өсүшү теңдөөчү гранттардын көлөмүнүн азайышына алып келиши керек эле жана мындан улам дотациядагы айылдык аймактардын саны да азаймак. Иш жүзүндө биз эч кандай динамиканы көргөн жокпуз жана бюджеттер аралык мамилелер системасына өз убагында түзөтүүлөрдү киргизбесе, терс тенденция дагы да тереңдей берет деген кооптонуу бар.

Сунуштар жүйөлүү болуш үчүн учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүп көрөлү. Бюджеттер аралык мамилелердин негизин төмөнкүлөр түзөт:

1. Өз киреше булактарды бюджеттердин түрдүү деңгээлдерине бекитүү.
2. Жалпы мамлекеттик салыктарды башка деңгээлдеги бюджеттерге алардын кирешелерин жөнгө салуу максатында жарып салуу.
3. Трансферттик саясат.

Жергиликтүү бюджеттердин киреше базасынын төмөн болгон шартында ЖӨБ органдарынын каржы ресурстарын түзүү




1-диаграмма. ЖБдин жана ТГтын киреше өлчөмүнүн өсүшүнөн дотациялык айылдык аймактардын санынын өсүшүнүн көз карандычылыгы

"Муниципалитет" илимий-популярдуу журналы

жагында чечүүчү маанини бюджеттик камсыздандырылгандыкты кыйгачы боюнча теңдөө системасы ойнойт. Б.а., жергиликтүү бюджеттердин тобу боюнча, ал эми биздин окуябызда элеттик муниципалитеттердин – айылдык аймактардын тобу боюнча десек болот.

Мында теңдөө системасы дотациялык айылдык аймактардын санын баскыч-баскычы менен азайтуу үчүн шарт түзгөндөй, ЖӨБ органдарында кирешенин деңгээлин жогорулатуу мотивациясын пайда кылгандай иштеши керек.

**Теңдөөчү гранттарды бөлүштүрүүнүн азыркы системасынын алкагында бул шарттар аткарылып жатабы?**

Белгилей кетүү зарыл, бюджеттик камсыздандырылгандыкты теңдөө саясатын түп тамырынан бери өзгөрткөн жана 2007-жылдын 6-апрелинде "Теңдөөчү гранттардын жобосун жана теңдөөчү гранттарды эсептөө методикасын бекитүү жөнүндө" КР Өкмөтүнүн №101 токтому менен ишке киргизилген теңдөөчү гранттардын формуласы 2011-жылдын 16-июнунда КР Өкмөтүнүн №321 токтому менен киргизилген теңдөөчү гранттардын жаңыртылган формуласына салыштырмалуу принципиалдуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон жок.

Теңдөөчү гранттарды бөлүштүрүүнүн негизги шарттары өзгөрбөгөн бойдон калды:

1. Теңдөө эки баскыч менен ишке ашырылды: теңдөөчү гранттардын биринчи бөлүгү орточо бюджеттик камсыздандырылгандыкка теңелсе, экинчи бөлүгү – ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттемелеринин деңгээлине жараша.

2. Бюджеттик камсыздандырылгандык жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметинин көлөмүнөн көз каранды.

Эмне үчүн реформанын алгачкы жылында теңдөөчү системанын натыйжасында 19 айылдык аймак дотациялык абалдан чыкса, кийинки жылдары биз тескери процесске күбө болдук?

Айылдык аймак дотациялык чункурга "түшүп кетпеси" үчүн ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттемелеринин өсүш темпи жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметинин темпинен ашпашы керек.

Болбосо чыгаша милдеттемелер менен өз кирешелердин ортосундагы ажырым теңдөөчү гранттардын көлөмүнүн жардамы менен жабылып калган кырдаал түзүлөт. 2008-жылдан кийин түзүлгөн кырдаал жогоруда айтылгандарды тастыктап турат. Анда эмне үчүн мындай кырдаал түзүлдү?

Теңдөөчү гранттын биринчи бөлүгү жергиликтүү бюджеттердин кирешесин орточо бюджеттик камсыздандырылгандыкка чейин "жеткирүүдө". Ал болсо бир тургунга эсептелип, муниципалитеттин аймагында чогултулса боло турган кирешелердин көлөмүн көрсөтүп турат. Киреше дараметинин эсебине салык кирешелеринин жана салыксыз түшүүлөрдүн белгилүү бир түрлөрү кирет, алар мындайча айтканда кирешелер боюнча репрезентативдик тандалманы калыптандырат. Айылдык аймактар үчүн 2007-ж. жана 2011-ж. абалына репрезентативдик тандалмадан кирешелерди которуунун нормативдерин жана салыштырма таблицаны карайлы.

**Жергиликтүү бюджеттин киреше дарамети - бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жергиликтүү бюджетке келип түшкөн кирешелердин эсебинен, экономикалык өнүгүүнүн, экономикалык түзүлүшүнүн жана салык базасынын деңгээлинен улам жергиликтүү бюджет тарабынан алынууга мүмкүн болгон кирешелерди баалоо.**

Өзгөрүүлөр сатуудан түшкөн салыкты 100 пайыздан 25 пайызга чейин жарууга тийиштүү болду. Салыктын бул түрүнүн абсолюттук маанисинде жаруу үлүшүнүн азайышы жергиликтүү бюджетте дээрлик 1,1 млрд. сомго жоготууларга себепчи болду. Ошол эле учурда айылдык аймак үчүн теңдөөчү гранттын көлөмү 2009-жылы 272 млн. сомго көбөйсө, 2011-жылы өсүш 2008-ж. салыштырмалуу 596 млн. сомду түздү.

Ушул эле мезгилде коммуналдык кызматтар жана башка чыгашалар боюнча чыгымдардын жогорулаганына байланыштуу маданият кызматкерлеринин, муниципалдык ишчилердин айлык акысынын көбөйгөнүнөн улам ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттемелери да бир топ өстү. Ошентип 2008-жылдан 2012-жылга чейин чыгаша милдеттемелеринин өсүш темпи кирешенин өсүш темпинен жогору болчу. Мунун негизги себеби, сатуудан түшкөн салыкты жаруунун үлүшүндөгү өзгөрүүлөр болду. Ал 2009-жылга чейин жергиликтүү салыктардын структурасына кирчү, ал эми 2009-жылдан баштап жалпы мамлекеттик болуп калды жана жергиликтүү менен республикалык бюджеттердин ортосундагы жарылууга дуушар болду.

Дагы бир маанилүү жагдай, жергиликтүү бюджеттердин киреше базасы жергиликтүү салыктардын саны 8ден 2ге чейин азайтылганына байланыштуу болду деген жаңылыш пикир бар.

Салык кодексинин мурдагы редакциясындагы сегиз жергиликтүү салыктын жана төлөмдөрдүн тизмеси.

- курорттук салык;
- жарнама үчүн салык;
- автотранспортту токтотуу үчүн төлөм;
- калк отурукташкан пункттардын аймагынан таштанды чыгаруу үчүн төлөм;
- мейманкана салыгы;

**1-таблица. Айылдык аймактар үчүн 2007-ж. жана 2011-ж. абалына репрезентативдик тандалмадан кирешелерди которуунун нормативдери жана салыштырма таблица**

| 2007-ж. | 2009-2011-ж.ж. |
|---|---|
| Сатуудан түшкөн салык – 100% | Сатуудан түшкөн салык – 25% |
| Кыймылсыз мүлккө салык – 100% | Кыймылсыз мүлккө салык – 100% |
| Транспортко салык – 100% | |
| Атайын салыктык режимдер – 100% | Патенттөө – 100% |
| Жер салыгы – 100% | Жер салыгы – 100% |
| Башкалар – 100% | Башкалар – 100% |

- калкка акыга кызмат көрсөтүү жана чекене сатуу үчүн салык;
- кыймылсыз мүлккө салык;
- транспорттук каражаттын ээлеринен салык.

Эгерде бул тизмени анализдеп көрсөк, бул жерден иш жүзүндө төмөнкүлөр гана чыгып калды:

- курорттук салык,
- жарнама үчүн салык,
- мейманкана салыгы.

Башка түрлөрү болсо жалпы мамлекеттик салыктар категориясына (калкка акы үчүн кызмат көрсөтүү жана чекене сатуу үчүн салык) өткөн, же бириктирилген (кыймылсыз мүлк үчүн жана транспорттук каражаттын ээлеринен салык өңдүү). Ошол эле учурда тизмеден чыгарылган салыктар жергиликтүү бюджеттин кирешесинин өсүшүнө олуттуу деле таасир тийгизчү эмес, атүгүл көпчүлүк мейманканалардын ээлери ыктыярдуу патент системасына өтүп алышкан, бул болсо кайсы бир деңгээлде ошол жоготууларды толуктагандай болду. Унааны токтотуучу жай жана таштанды чыгаруу үчүн чогултууларды эч ким алып салган жок жана алар "Салыктык эмес төлөмдөр тууралуу" мыйзам менен аныкталган.

Анда эмне үчүн сатуудан түшкөн салыктагы жоготуулар жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметиндеги маанисинин өзгөрүш динамикасына мынчалык терс таасирин тийгизди? 2012-жылга киреше потенциалын эсептөө үчүн азыр иштеп жаткан кирешелердин репрезентативдик тандалмасын жакындан карайлы (2-таблица).

**2-таблица. 2012-жылга ААдын жергиликтүү бюджеттеринин киреше потенциалын эсептөө үчүн кирешелердин репрезентативдик системасынын курамы**

| Киреше | Чегерүү нормативи |
|---|---|
| Сатуудан салык | 25% |
| Киреше салыгы | 10% |
| Жер асты салыгы (роялти) | 50% |
| Кичи ишкерчилик субъекттери үчүн бирдиктүү салык | 100% |
| Милдеттүү патенттин негизинде салык | 100% |
| Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 100% |
| Кыймылсыз мүлккө салык | 100% |
| Жер салыгы | 100% |
| Жер ижарасы үчүн төлөм | 100% |

Кирешелердин бул тизмесинен көрүнүп тургандай, жергиликтүү бюджетке 100% жердин аянтына, автотранспорттун санына, коммерциялык мүлккө (жер салыгы, мүлк үчүн салык, жер ижарасы үчүн төлөм) жараша түшкөн чегине ээ болгон кирешелер, ошондой эле ЖӨБ айылдык органдарынын жергиликтүү бюджеттеринин структурасында олуттуу ролду ойнобогон салыктар – атайын режимдердин негизиндеги салыктар түшөт.

Ошол эле учурда өзгөрүү динамикасы экономиканын өнүгүүсү, жумушчу орундардын түзүлүшү менен байланыштуу болгон салыктар элеттик муниципалитеттердин жергиликтүү бюджетине минималдык деңгээлде түшүп турат. Мисалы, сатуудан түшкөн салык айылдык аймактардын бюджети үчүн анын аймагындагы түшүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн болгону 25% түзөт. Мында салыктын бул түрү боюнча салык базасы элет жеринде ансыз да чоң эмес. Киреше салыгын айта турган болсок, ал түзүлүп жаткан жумушчу, анын ичинде бюджеттик орундардын санынан, ошондой эле айлык акынын көлөмүнөн көз каранды жана салыктын бул түрү боюнча бөлүү 2012-ж. гана багытталган жана болгону 10% чегинде.

Ошентип киреше потенциалынын өсүшү жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүүнүн төмөнкү үлүшү менен оздуктала тургандай шарттар түзүлгөн.

Белгилей кетчү жагдай, 2007-жылы сатуудан түшкөн салык жергиликтүү салык деген макамга ээ болуп, жергиликтүү бюджетке 100% түшүп турганда биз жергиликтүү бюджеттин кирешесинде олуттуу өсүштү жана дотациялык айылдык аймактардын санында айкын төмөндөө динамикасын байкаганбыз.


Азыркы кырдаалда киреше дараметин сатуудан түшкөн салыкты бөлүүнүн үлүшүн көбөйтүүнүн эсебинен гана күчөтүү мүмкүнбү? Анализ көрсөткөндөй, жергиликтүү бюджеттердин негизги киреше базасы ушул тапта теңдөөчү грант албаган жана шарттуу түрдө "өзүнө өзү тың" макамына ээ болгон 66 айылдык аймакта концентрацияланган (1-сүрөт).

Ошентип 14% айылдык аймак жергиликтүү бюджеттердин бардык кирешесинен 45% алат. Жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүүнүн үлүшүн арттыруу биринчи кезекте дотациялык айылдык аймактарга караганда "өзүнө өзү тыңдарга" жардам берет деген кооптонуу бар. Мындай ыкма менен киреше дараметин күчөтүүдөн натыйжалуулук төмөн болот.


Дотациялык жана дотациялык эмес айылдык аймактар ортосундагы кирешенин салыштырмалуу салмагынын маанисин карап көрөлү (2-диаграмма).

Анализ көрсөткөндөй, сатуудан түшкөн салык-

**1-сүрөт. Дотациондук (ДТ) жана дотациондук эмес (ДТЭ) ЖӨБ органдарынын арасында кирешелердин бөлүштүрүлүшү**



**2-диаграмма. Дотациялык жана дотациялык эмес айылдык аймактар арасындагы кирешелердин түрлөрү боюнча катышы**




тын ири бөлүгү дотациялык эмес айылдык аймактарда чогулат, ал эми 86% дотациялык аймакта сатуудан түшкөн салыктын 43% гана чогулат. Эгерде биз сатуудан түшкөн салык боюнча бөлүүнүн үлүшүн арттыра баштасак, анда пайданы биринчи кезекте "өзүнө өзү тың" айылдык аймактардын 14 пайызы көрөт. Албетте элеттик жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын арттыруу максатында сатуудан түшкөн салыкты бөлүүнүн үлүшүн 100% чейин жогорулатуу маселесин талкууласак болот эле. Бирок КР Өкмөтүнүн сатуудан түшкөн салыктан баскыч-баскычы менен баш тартуу тууралуу акыркы билдирүүлөрүнүн айынан мунун келечеги жоктой көрүнөт.

Киреше салыгы жана жер асты үчүн салыктан (роялти) тышкаркы калган башка булактар максималдык түрдө 100% жергиликтүү бюджетке түшөт. Андыктан киреше потенциалын күчөтүү үчүн жүйө катары колдонулбайт. Калган эки жалпы мамлекеттик салыкты жана алардын бөлүү үлүшүн карап көрөлү.

2-диаграмма. Мында дотациялык айылдык аймактардын 86% кирешеге карай салыктын көлөмүнүн 61% ала турганы көрсөтүлгөн. Бул болсо сатуудан түшкөн салыкка салыштырмалуу дотациялык жана дотациялык эмес айылдык аймактардын территориясы боюнча салыктын бир калыпта жайылышынын шарттарына көбүрөөк жакын. Мында киреше салыгы бир катар өзгөчөлүктөргө ээ, алар аны жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын арттыруунун негизги резерви катары кароодо жагымдуу көрсөтүүдө:

1. Кирешеге карай салыктын өсүш динамикасы жаңы жумушчу орундардын санынын жана айлык акынын деңгээлинин өсүш темпи менен аныкталат. Бул болсо кирешеге карай салык боюнча чогултуулардын мааниси төмөнкү факторлордон көз каранды экенин көрсөтөт: (1) экономиканын өсүшү, (2) жаңы бюджеттик мекемелердин пайда болушу, (3) айлык акынын өсүшү. Кайсы бир деңгээлде кирешеге карай салык бюджеттик кызматкерлердин айлык акысын жогорулатуу менен байланышкан чыгаша милдеттемелердин өсүшүн компенсациялайт.
2. Кирешеге карай салыкты толугу менен мамлекеттик салык кызматы администрациялайт жана адатта чегерүүдө жана алууда тоскоолдукка учурабайт.
3. Адатта айлык акы дайыма өсүү тенденциясына ээ. Бул болсо кирешеге карай салыктын өзүнүн туруктуу өсүшүн камсыздап турат.
4. Абсолюттук чоңдукта кирешеге карай салык жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө олуттуу таасир эте алат. 2012-жылга божомол боюнча 10% бөлүнүү үлүшү жергиликтүү бюджетке 155 млн. сом кирешеге шайкеш келет. Бул сандардын башка салыктар менен салыштырууга мүмкүндүгү 3-таблицада көрсөтүлгөн.


Салыштырмалуу анализ көрсөткөндөй, кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүнүн өзгөрүүсү жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметинин маанисине олуттуу деңгээлде таасир этет. Мисалы, кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүнүн 25% чейин көбөйүшү жергиликтүү бюджеттин кирешесинин өсүшүнө алып келет. Ал болсо сатуудан түшкөн салык кирешесинен ашып түшөт. Мында таасири дотациялык жана дотациялык эмес айылдык аймактар арасында салыштырмалуу тегиз бөлүштүрүлөт.

Ошентип айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттеринин киреше дараметин күчөтүү үчүн негизги сунуш катары кирешеге карай салыктын үлүшүн бакыч-баскычы менен көбөйтүү сунуш-

**3-таблица. 2012-жылы айылдык аймактардын жергиликтүү бюджетине кирешелердин түшүүсүнүн салыштырмалуу таблицасы**

| Кирешенин аталышы | Жергиликтүү бюджетке % чегерүү | Сумма, млн. сом |
|---|---|---|
| Салык агенти төлөгөн кирешеге карай салык | 10% | 155,0 |
| Сатуудан түшкөн салык | 25% | 195,5 |
| Жер асты үчүн салык (роялти) | 50% | 29,7 |
| Кичи ишкерчилик субъекттери үчүн бирдиктүү салык | 100% | 14,5 |
| Милдеттүү патенттин негизинде салык | 100% | 9,43 |
| Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 100% | 242,2 |
| Мүлк салыгы | 100% | 248,1 |
| Жер салыгы | 100% | 494,92 |
| Атайын каражаттар үчүн салык | 100% | 119,28 |
| Салыксыз эмес түшүүлөр | 100% | 244,13 |

**3-диаграмма. Бюджеттердин тобу боюнча салык кирешесинин салыштырмалуу салмагы**




**Жер казынасы үчүн салык (роялти) да келечектүү көрүнөт. Ал жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметин күчөтүүнүн олуттуу келечегине ээ. Мында бул салыктын өзгөчөлүгү – республикалык бюджетке салмак салбастан 100% роялтини жергиликтүү бюджетке өткөрүп бере алат. Бирок бул тема өзүнчө анализге жана талкууга татыйт.**

талат.

Жалпысынан кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүн өзгөртүүдө мамлекеттик бюджет үчүн тобокелчилик барбы?

2012-жылга божомол боюнча кирешеге карай салыктын көлөмү жалпысынан өлкө боюнча 3 718,45 млн. сом деңгээлинде пландаштырылган. Айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттерине багыттала турган кирешеге карай салыктан бөлүүнүн үлүшү 155 млн. сомду, же кирешеге карай салыктын жалпы көлөмүнөн 4,2% түзөт.

Мындан тышкары жергиликтүү бюджеттердин башка топторуна салыштырмалуу айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттерине туура келген кирешеге карай салыктын үлүшүнө да көңүл буруу зарыл (3-диаграмма).

Анализ көрсөткөндөй, айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттеринде кирешеге карай салыктын үлүшү жергиликтүү бюджеттердин башка топторуна салыштырмалуу болгону 6,8% түзөт.


Ошентип айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттердин пайдасына кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшү менен манипуляциялар бир жагынан жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметин арттырууга олуттуу деңгээлде таасирин тийгизсе, экинчи жагынан республикалык бюджетке терс таасир этүү тобокелчилигин азайтат.

Жогоруда айтылгандан тышкары, кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүн арттыруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө, салык кызматынын органдары менен биргеликте жергиликтүү ишкерчиликти көмүскөдөн алып чыгууга көмөктөшүүгө түртөт.

**4-таблица. Жергиликтүү бюджеттерге салык агенти төлөгөн кирешеге карай салык боюнча анализ**

| | 2012-жыл, 10% | 2013-жыл, 50% | Өчүр. (4-3) | 2014-жыл, 75% | Өчүр. (6-4) | 2015-жыл, 100% | Өчүр. (8-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Берилген бөлүнүүгө ылайык, салык агенти төлөгөн кирешеге карай салык боюнча төлөмдөр (млн. сом)** | **154,9** | **774,5** | **619,6** | **1161,7** | **387,2** | **1549** | **387,3** |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| дотациялык | 95,1 | 475,6 | 380,5 | 713,3 | 237,7 | 597,9 | -115,4 |
| дотациялык эмес | 59,8 | 298,9 | 239,1 | 448,4 | 149,5 | 951,1 | 502,7 |
| **АӨ саны** | **459** | **459** | **0** | **459** | **0** | **459** | **0** |
| анын ичинде: | | | 0 | | | | |
| дотациялык | 393 | 373 | -20 | 363 | -10 | 353 | -10 |
| дотациялык эмес | 66 | 86 | 20 | 96 | 10 | 106 | 10 |
| **анын ичинен бюджеттик камсыздык орт. киши баш. кар-да жогору:** | | | | | | | |
| 1-3 эсе | 52 | 66 | 14 | 71 | 5 | 76 | 5 |
| 3 эседен жогору | 14 | 20 | 6 | 25 | 5 | 30 | 5 |
| **Теңдөөчү грант** | **948,1** | **800** | **-148,1** | **750** | **-50** | **700** | **-50** |

**4-диаграмма. Кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүнөн дотациядагы айылдык аймактардын санынын азайыш динамикасы**




Буга чейин айтылгандай, киреше дараметин күчөтүү дотациялык айылдык аймактардын өсүшүн азайтуу темпине түздөн түз таасир этет. Кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүн өзгөртүү боюнча кандай сунуштар болушу мүмкүн?

Каржы министрлигинин кызматкерлеринин колдоосу алдында теңдөөчү гранттардын формуласы боюнча, дотациядагы айылдык аймактардын санынын азайыш темпине кирешеге карай салыкты бөлүүнүн үлүшүн өзгөртүүгө таасир этүү боюнча түрдүү сценарийлер эсепке алынды (4-таблица).

Анализ көрсөткөндөй, эң "жумшак" божомол боюнча, жергиликтүү бюджеттерге кирешеге карай салыктын үлүшүн баскыч-баскычы менен көбөйтүү төмөнкү график боюнча жүрсө: 2012-ж. – 10%, 2013-ж. – 50%, 2014-ж. – 75%, 2015-ж. – 100%, анда 2015-жылы "өзүнө өзү тың" айылдык аймактардын санын 106га чейин жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мында бюджеттердин тобу боюнча орточодон 3 эсе жогору киреше потенциалынын маанисине ээ болгон "өтө камсыздандырылган" айылдык аймактардын саны 14төн 30га чейин өсөт.

Сунушталган ыкманын маанилүү өзгөчөлүгү – жылдар боюнча теңдөөчү гранттын көлөмүн баскыч-баскычы менен азайтуу мүмкүнчүлүгү. Мында анын маанисинин кескин азайышына да жол бербөө зарыл, анткени өзүнчө айылдык аймактардын өзүнчө чыгаша милдеттемелерин жабуу жагынан теңдөөчү гранттын экинчи бөлүгү аткарылбаганда бул тобокелчиликке алып келиши ыктымал.

Албетте киреше дараметинин маанисине бардык эле таасир "өтө эле камсыздандырылган" айылдык аймактардын көбөйүшүнө алып келет. Бул болсо ошол каражаттарды алып таштоо мүмкүнчүлүгү тууралуу маселени жаратышы ыктымал. Биздин баамыбызда, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана каржылык жактан борбордон алыстатуу принциптери жергиликтүү бюджеттердин өзгөчө өсүшүнүн негизинде гана аларды каражаттарды түз алып таштоодон корткалап калыш керек. Киреше дараметинин маанисин административдик-аймактык реформанын алкагында айылдык аймактарды бириктирүүнүн критерийлеринин бири катары караса болот. Бул нерсе бир жагынан "өтө эле камсыздандырылган" айыл менен анын кошуналары ортосунда каржы ресурстарын акыйкат бөлүштүрүүнү камсыздаса, экинчи жагынан дотациядагы айылдык аймактардын санын азайтууга көмөктөшөт: бул аларды "өтө эле камсыздандырылган" кошуна сиңирип алгандын эсебинен болот. Мындай ыкма 2013-2015-ж.ж. ичинде эле 106 айылдык аймакка кошумча бери дегенде 40-50сүн дотациядан чыгарууга жол ачат.

Бюджеттик процессти жегиликтүү деңгээлде жакшыртуу маселеси киреше бөлүгүндө да, ошону менен катар ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттемелерин оптималдаштыруу бөлүгүндө, мында адегенде мектептеги билим берүү системасын каржылоо чөйрөсүндө да комплекстүү чечилиш керек. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү чыгаша милдеттемелеринин өсүш темпи кирешенин өсүш темпинен ашып кетүүсүн болтурбоо үчүн ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттемелери боюнча тең салмактуу чечимдерди кабыл алыш керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугунун деңгээлин арттыруу көп учурда жергиликтүү бийликтин жана жергиликтүү жамааттын өзүнөн да көз каранды. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн арттыруу үчүн муниципалитеттерге берилчү булактарга киргизилген олуттуу резервдер бар. Алар: кыймылсыз мүлккө салыкты чогултууну жакшыртуу (өзгөчө 2 жана 3-топтор боюнча), жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү ж.б.



# Айылдардагы «2013-жылга жергиликтүү бюджетти түзүү» темасы боюнча коомдук угуулар

**2012-жылдын июнь айында ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында үч пилоттук айылдык аймакта (Төрт-Күл, Ивановка жана Ленин) 2013-жылга бюджетти түзүү боюнча коомдук угуулар өттү. Бул угуулар жергиликтүү кеңештин жетекчиси жана депутаттары башында турган ЖӨБ органдары менен калк ортосунда жакшы байланыш болгонун тастыктаганы менен айырмаланды. Бул болсо 2013-жылга бюджет долбооруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүдө байкалды.**

## Коомдук угуулардын катышуучуларынын сапаттык курамы

Үч угууга тең ар бир айылдык аймактагы бардык айылдардын калкынын түрдүү катмарларынын өкүлдөрү катышты: жергиликтүү кеңештин депутаттары, жамааттардын лидерлери, мекеме жана уюмдардын жетекчилери, кызматкерлер жана карапайым тургундар. Алардын арасында дыйкандар, мугалимдер, үй кожойкелери, пенсионерлер жана жумушсуздар бар. Катышуучулардын жалпы саны 248 адамды түздү. Элет тургундары ушул тапта талаа иштери менен алектенип жатканын эске алганда бул жетишерлик деңгээлде көп эле. Гендердик теңдиктин аспекттери бардык божомолдордон да ашып түштү: угууларга 130 аял жана 118 эркек катышты. Айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлери угууларга активдүү катышты.

Кийинки жылдын бюджетин түзүү муниципалитеттин бүтүндөй ишинин маанилүү маселелеринин бири болгонуна карабастан, тилекке каршы, жергиликтүү кеңештердин депутаттары ушул угууларга зарыл көңүл бурушкан жок.

## Даярдык жана маалымат өнөктүгү

Коомдук угууларга даярдыктын жүрүшүндө айыл өкмөтүнүн адистери бюджеттин кыскача баяндамасын иштеп чыгып, ар бир айылда чакыруу баракчаларын таратып, алдыда боло турган иш-чара жөнүндө кыскача маалыматты камтыган плакаттарды илип, элет тургундарынын арасында маалымат өнөктүгүн уюштурду. Угуу өтө турган күнү эртең мененден тарта жана иш-чара башталганга чейин АӨ кызматкерлери айылды кыдырып чыгып, үн күчөткүч менен калкты угууларга катышууга үндөп чыгышты. Талкуунун жүрүшүндө болсо 2013-жылы жергиликтүү бюджетте болжолдонуп жаткан каржы чыгашаларынын жана кирешелеринин беренелери боюнча кеңири маалымат да берилди:

- **кирешелер тууралуу:** жалпы мамлекеттик салыктар, жергиликтүү салыктар жана чогултуулар, салыксыз эмес түшүүлөр, капитал менен операциядан түшкөн кирешелер, трансферттер (категориялык грант, теңдөөчү грант, дем берүүчү грант) республикалык бюджеттен берилген каражаттар, АЖБ жерлери үчүн ижара акы;
- **чыгашалар тууралуу:** жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар (АӨ аппаратынын жана айылдык кеңештин иши), билим берүү, коомдук тартип, маданият жана спорт, социалдык коргоо, ТКЧ (айылды көрктөндүрүү), коммуналдык кызматтар, айлана-чөйрө, башка чыгашалар.

Угуулар маалында элеттик муниципалитеттердин жетекчилиги айылдык аймактын тургундары менен биргеликте бир катар маселелерди талкуулап алышты жана 2013-жылга бюджет долбоорунун бир топ киреше жана чыгаша беренелери боюнча элеттиктердин сунуштарын угушту.

## Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери боюнча пландары

2013-жылдагы бюджетке карата пилоттук муниципалитеттердин кирешелери боюнча пландары төмөнкүдөй:

**Төрт-Күл АА:** 2013-жылга пландаштырылып жаткан кирешелердин жалпы көлөмү 20 823,3 миң сомду түзөт; алардын ичинен бюджеттин 95% республикалык бюджеттен трансферттер (категориялык жана теңдөөчү гранттар) түзөт жана болгону 5% гана (917,0 миң сом) – бул ЖӨБ өз кирешелери;

**Ивановка АА:** 2013-жылга пландаштырылып жаткан кирешелердин жалпы бюджети 43 977,0 миң сомду түзөт: анын ичинен бюджеттин 72% республикалык бюджеттен категориялык грант түзөт жана 28% (12 383,3 миң сом) – бул ЖӨБ өз кирешелери;

**Ленин АА:** 2013-жылга пландаштырылып жаткан кирешелердин жалпы көлөмү 22 897,7 миң сомду түзөт; алардын ичинен бюджеттин 91% республикалык бюджеттен трансферттер түзөт жана 9% гана (1 872,0 сом) – бул ЖӨБ өз кирешелери. Айылдын чакан бюджетине карабастан Ленин АА өз алдына бир топ эле кайраттуу максаттарды коюп жатат. Мисалы, дотациядагы айылдык аймак болгонуна карабастан ЭҮЖӨБОЖ долбоору боюнча гранттык жардамдын алкагында техника (трактор) сатып алууну көздөөдө. Мында кошо каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттин өз кирешесинен 500 миң сом кошкону жатат (бул тууралуу кененирээк журналдын кийинки сандарында айтып беребиз).

## Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча суроолор жана сунуштар

Кирешелердин жана чыгашалардын бир топ беренелери угуулардын катышуучулары арасында чоң кызыгууну жана кызуу талкууну жаратты. Алардын натыйжасында 2013-жылга бюджеттин долбооруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди. Негизинен бардык үч муниципалитетте тең өзгөрүүлөр жана толуктоолор бюджет долбоорунун чыгаша бөлүгүнө тиешелүү болду.

### *Төрт-Күл АА*

“АӨ аппаратынын чыгашалары” темасындагы “жолбун иттерди жана карышкырларды атуу” пункту катышуучулар арасында жанданууга себепчи болду. Бул иш үчүн 2011-жылы 5,0 миң сом, 2012-жылы 10,0 миң сом бөлүнгөн. Эми болсо кызуу талаш-тартыштардан кийин калк болжолдонуп жаткан 20 миңдин ордуна 25,0 миң сом бөлүүнү талап кылды. Айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси бир беренедеги каражатты көбөйтүү үчүн экинчисин азайтуу керектигин эскертти. Ошондо калктан “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” беренесиндеги “башка чыгашалар” бөлүгүндөгү чыгашалар беренесин азайтуу сунушу түштү. Бул беренеге 66,0 миң сом каралып жаткан. Калк “башка чыгашалар” деген берене өзүн-өзү актабагандай чоң болгонун жана башка зарыл беренелердин пайдасына эч ойлонбостон азайтуу керек деп эсептейт. Ошондой эле жарандар майрамдык иш-чараларга чыгашалар бөлүгүндөгү “Маданият жана спорт” беренесин азайтууну да сунуш кылышты. Бул беренеге 85,0 миң сом чегерилмек (бирок угуунун айрым катышуучулары тескерисинче Мугалимдер, Энелер күнүн, акыркы коңгуроо майрамын белгилөөгө каражат бөлүүнү сунушташты). Ошол эле учурда айылдыктар ушул эле майрамдык иш-чараларды азайтуунун эсебинен спорттук иш-чараларга кеткен чыгашанын суммасын 11,0 миңден 20,0 миң сомго чейин көбөйтүүнү сунуш кылышты.

Жергиликтүү кеңештин депутаты социалдык чыгашалар тууралуу маселени көтөрдү, ал жакка 25,0 миң сом бөлүү пландаштырылып жатат: ал ооган согушунун катышуучуларына жардамды көбөйтүүнү сунуштады. Анткени ушул тапта айылдагы ооган согушунун жети ардагери үчүн бул категориядагы социалдык төлөмдөр 5,0 миң сомду түзөт жана аларды 7,0 миң сомго чейин көбөйтүү зарыл.

### *Ивановка АА*

Бюджеттин киреше бөлүгүнө карата жарандар мындай суроо узатышты: “Эмне үчүн жер салыгынан түшө турган каражат өткөн жылга салыштырмалуу 2 млн. сомго азыраак пландаштырылган? Жер азайып кеткен жок го”. Ошондой эле адамдар эмне үчүн “башка салыксыз түшүүлөр” беренеси боюнча кирешелер азайып кеткенине кызыгышты. Жооп: 2012-жылы түшө турган каражаттын суммасы жогору жактын көрсөтмөсү менен көбөйтүп көрсөтүлгөн, ал эми бул жылы айыл өкмөтү реалдуу түшө турган каражатты өз алдынча эсептеп чыкты. Анда угуулардын катышуучуларынын бири жогору жактан “контролдук сандар” менен маселени чечүү керек эместигин, мындай практикадан баш тартып, жамаат ЖӨБ органдарынын колу менен өз бюджетин пландаштырышы керектигин белгиледи. АӨ башчысынын орун басары 2013-жылга бюджеттин бул жолку долбоорун ЖӨБ органдары контролдук сандар жок эле өз алдынча түзгөнүн айтты.

Андан ары угуулардын катышуучулары таштанды чыгарууга байланыштуу сын пикирлерин айтышты: “2013-жылы таштанды тазалоодон түшкөн киреше 2012-жылдагы суммадан жогору болуш керек, бирок таштанды чыгарылбайт. Эмне үчүн түшө турган каражаттын суммасы өсүүдө?” АӨ башчысынын орун басары аймакка таштанды тазалоочу техниканы (прицеби жок трактор) сатып алууга жардам берип жаткан ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен кийинки жылы таштанды тазалоо көйгөйү чечилерин белгиледи.

Жарандар бюджеттин чыгаша бөлүгүн оптималдаштырууну да сунушташты. Мисалы, жергиликтүү



кеңештин депутаттарынын бири ТКЧ бөлүмү боюнча конструктивдүү сунуш киргизди – 1 855,0 миң сом бөлүү пландаштырылып жаткан "башка чыгашалар" беренесин азайтып, андан арткан каражатты жолдорду оңдоого багыттоо керектиги, бул максатка чыгашаны 150 миңден, 500,0 миң сомго чейин көбөйтүү сунушталды. Ошондой эле "музыкалык аппаратура сатып алуу" беренесиндеги чыгашалардын суммасын 196,3 миңден 100,0 миң сомго чейин азайтып, ошонун эсебинен Карылар күнүнө, Энелер күнүнө, Балдарды коргоо күнүнө чыгашалардын суммасын көбөйтүү сунушу түштү.

## Ленин АА

Калк канцелярдык чыгашаларды 20,0 миң сомго жана автротранспорт чыгашаларын 26,5 миң сомго азайтуунун эсебинен "резервдик фонд" жана "өзгөчө кырдаалдар" беренелерине чыгашаларды көбөйтүүнү сунуштады.

Калк социалдык маселелерге келгенде Баткен согушунун жоокерлери, 2010-жылдагы июнь коогалаңында майып болгон 19 адам, тылдагы арадагерлер үчүн жаңы чыгашаларды кароону, ошондой эле ооган согушунун катышуучуларына төлөмдөрдү көбөйтүүнү сунуштады.

Угуулардын катышуучулары ПМК карызын төлөөгө чыгашалар беренесин азайтып, 40,0 миң сомду "социалдык чыгашалар" беренесине кошууну сунуш кылышты.

Ошондой эле тургундар трансформатор сатып алуу жана жолдорду оңдоо үчүн 100,0 сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүү сунушун киргизишти.

Өткөн жылы "жашылдандыруу" беренесине кеткен каражаттын натыйжасыз пайдаланылганын эске алып, айылдын аксакалы бул беренеге пландаштырылып жаткан 80,0 миң сомдун жарымын насос сатып алууга жана ичүүчү суу көйгөйүн чечүүгө коротууну сунуштады.

ЖӨБ органдары бардык сунуштарды жана эскертүүлөрдү жазып алып, бул маселелерди жергиликтүү кеңештин сессиясына сөзсүз алып чыгууга сөз беришти.

## "Татаал" суроолор

Угуулардын жүрүшүндө катышуучулар арасында кызуу талаш-тартыштарды жараткан бир катар маселелер жаңырды. Мисалы, аксакалдар сотунун төрагасы Төлөмүш Аралбаевдин айтымында, Төрт-Күл АА жол көйгөйү курч турат: бул жолдордо машине айдамак түгүл, жөө жүрүү да мүмкүн болбой калды. Аксакал бул чөйрөгө тиешеси бар бардык адистерди, калкты, депутаттарды чогултуп алып, бул көйгөйдү чечүү үчүн бюджеттен акча каражатын бөлүү мүмкүнчүлүгүн кеңешип талкуулоону сунуштады. Бул сунушка айылдын старосталарынын бири көнгөн жок: "айылдын бир катар тургундары көчөлөрдүн аталышын өзгөртүп, жакындарынын ысымдарын ыйгарышкан. Бул үчүн жергиликтүү кеңешке ошол көчөлөргө кам көрөрүн айтышкан. Бирок убадасын аткарышкан жок. Андыктан жолдордун сапатын ошолордон талап кылышыбыз керек". Ошондон кийин кызуу талкуу башталды, анткени бир жагынан көчөлөргө кам көрөбүз деген убададан кийин гана кеңештин чечими менен аталыштары өзгөртүлгөн. Экинчи жагынан көчөлөр – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түздөн түз милдети (жергиликтүү маанидеги иштер).

Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги дагы бир жолу "ТКЧ"




беренеси боюнча болжолдонуп жаткан чыгашаларга кененирээк кайрылууга аракет жасады. Бул беренеге 152,0 миң сом бөлүнгөн, алардын ичинен 100,0 миңи таштанды чыгарууга, 50,0 миңи Беккер чуңкурунун курулушуна жана болгону 2,0 миң сому жолдорду тазалоого каралды. Бул такыр эле аз. Натыйжада айылдын ичиндеги жол көйгөйү чечилбеген бойдон калды.

### *"М" журналы бул маселе боюнча комментарий сурап, ӨСИ юристине кайрылды:*

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-беренесине ылайык, калк отурукташкан пункттарда муниципалдык жолдордун ишин камсыздоо жергиликтүү маанидеги маселе катары түздөн түз ЖӨБ органынын карамагына кирет.

"Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин чечими менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары проспекттерге, аллеяларга, аянттарга, шаардык жана элеттик сейил бактарга, бульварларга, көчөлөргө жана тар көчөлөргө аталыш берет жана өзгөртөт. Көрсөтүлгөн объекттерди атоо жана аталышын өзгөртүү тартиби "Кыргыз Республикасында географиялык объекттерди атоо жана өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө" Жобо менен регламенттештирилет (2008-жылдын 19-августунда КР Өкмөтүнүн №467 токтому менен бекитилди).

Ушундан улам жергиликтүү кеңештин муниципалдык жолдордун (аталышы өзгөртүлгөн көчөлөрдө) иштешин камсыздоо үчүн жоопкерчиликти көчөлөргө ат берүү же аталышын өзгөртүү тууралуу арыз жазган физикалык жана юридикалык жактарга жүктөө «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР мыйзамынын 18-беренесине карама-каршы келет. Аталышын өзгөртүү тууралуу чечимди жамаат кабыл алат жана бул анын укугу. Аталышты өзгөртүү боюнча демилге көтөргөнү үчүн жамаатка кандайдыр бир кошумча милдеттемелерди жүктөөгө болбойт. Андыктан ЖӨБ органы мындай демилгелерге жоопкерчиликтүү мамиле жасап, аталышты өзгөртүүнүн жардамы менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө өзүнөн жоопкерчиликти алып салат деп үмүттөнбөш керек.

Ивановка АА боюнча билим берүүнүн киреше жана чыгаша бөлүгүнө тиешелүү маселе чоң талашты жаратты. Жергиликтүү кеңештин активдүү депутаттарынын бири мындай пикирин айтты: "Мектептер республикалык

бюджеттен жетишерлик деңгээлде акча алып жатса, эмне үчүн жергиликтүү бюджеттен, ЖӨБ өз кирешелеринен силер билим берүүгө 4,5 млн. сом алып жатасыңар?". АӨ башчысынын орун басарынын жообу: "Республикалык бюджеттин категориялык гранты мугалимдердин айлык акысына жана Соцфондго чегерүүлөргө гана каралган. Бирок ушул чыгашалардан тышкары мектепти материалдык-техникалык жактан камсыздоо, учурдагы жана капиталдык ремонттор, түрдүү жабдууларды сатып алуу талап кылынат. Андыктан мектепти камсыздоодо бардык чыгашаларды жабуу үчүн категориялык гранттын суммасы жетишсиз. Анын үстүнө КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы "Жалпы билим берүү уюмдары киши башына каржылоо принцибине өткөрүү жөнүндө" токтомунун негизинде жергиликтүү бюджеттен кошумча акча каражатын бөлүү зарыл".

Бул теманын уландысында катышуучулардын бири мындай деп кызыкты: "Мектептер ата-энелерден чогултткан каражаттар бюджеттин кирешесинде көрсөтүлөбү?". Бул маанилүү маселе, ал мектеп бюджеттеринин айкындуулугунун темасына тиешелүү.

### *"М" журналынын комментарийи:*

Жергиликтүү бюджеттин ири үлүшү (72% киреше жана 77% чыгаша) "билим берүү" беренесине туура келгени көпчүлүк адамдардын кыжырын кайнатат. Мында чыгашалардын бир бөлүгү категориялык гранттын эсебинен эмес, 4 531,6 миң сом өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланганын эсепке алыш керек. Мында жалпысынан бюджеттик процесстин айкындуулугу жөнүндө сөз болгондо бюджеттин бардык кирешелери жана чыгашалары бир тыйынына чейин көрсөтүлүш керек жана адамдар алар тууралуу билиши зарыл. ЖӨБ органдары бюджеттик процесс чөйрөсүндө калкты агартуу боюнча активдүү иштерди жүргүзүп, көйгөйлүү маселелер боюнча коомдук иш-чараларды мүмкүн болушунча тез-тез өткөрүп турушу керек. Ивановка АА мектептери ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарындагы мектептердин жолун жолдобостон, коомдук угуу өткөрүүдөн баш тартканы өкүнүчтүү. Коомдук угуу өткөргөн мектептерде билим берүүнүн каржылоо ачык жана айкын болуп калды, ушундан улам калктын суроолору да, чыңалуу да азайып калды. Ал эми Ивановка АА үчүн бул маселе чечилбеген жана толук айтылбаган бойдон, бардык суроолор ачык бойдон калды.

## Жетишилген ийгиликтер

### *Төрт-Күл АА угуулардын өзгөчөлүгү эмнеде?*

Төрт-Күл АӨ башчысы белгилегендей, бул жолу угууларга буга чейин ушул өңдүү иш-чараларга такыр аралашпаган айылдын бир топ жаңы тургундары катышты. ӨСИ эксперттеринин баамында, бүгүнкү күндө Төрт-Күл АА ЖӨБ органы – жарандарды бюджеттик процесске тартуу чөйрөсүндө алган билимин жана тажрыйбасын практикада натыйжалуу колдонгон Кыргызстандагы үлгүлүү элеттик муниципалитет.

### *Ивановка АА угуулардын өзгөчөлүгү эмнеде?*

Талкуудан кийин коомчулуктун айрым өкүлдөрүнүн айткандарына караганда, бул угуу Ивановка АА үчүн жетишкендик болду. Жергиликтүү кеңештин депутаты Мурат Адыловдун айтымында, бул биринчи кезекте Ивановка АА бардык жамааты үчүн чоң жеңиш, угуулар буга чейинкиге салыштырмалуу дагы да конструктивдүү өттү. Адамдар бири-бирин тыңдай башташты. Андан тышкары, депутат мойнуна алгандай, ЭҮЖӨБОЖ долбоору ишке ашырыла баштагандан тарта жергиликтүү кеңештин депутаттарын кой, жада калса бюджеттик комиссиянын мүчөлөрү да бюджеттик процессти жакшыраак түшүнө башташты: бюджет эмнеден турат, каражаттар кантип түзүлөт жана чыгымдалат, эмне үчүн талкуу жүргүзүү зарыл. "М" журналы Ивановка АА башчысынын орун басары Канатбек Алиевге "Калк бюджетти жалпысынан туура түшүнүп жатабы?" деген суроо узатты. Жообу: "Угууларга бюджеттик процесс менен байланышкан адамдар катышты – мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери. Буга чейин ушул өңдүү иш-чараларда өтө эле кызуу талаш-тартыштар орун алчу, атүгүл депутаттар жана бюджеттик комиссиянын мүчөлөрү бирин бири укпай, орток пикир таба алышчу эмес. Бул болсо бюджеттин маңызын түшүнбөгөндөн улам болгон экен. Ушул угууларда бюджеттик комиссиянын бардык мүчөлөрү бюджет долбоорундагы дээрлик бардык беренелерге макул болду. Мындан тышкары алар акыркы убакытта башка депутаттар жана калк арасында бюджет маселеси боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзө башташты".

### *Ленин АА угуулардын өзгөчөлүгү эмнеде?*


Жайкы талаа иштерин жана эс алуу маалын эсепке алганда Ленин АА коомдук угууларга рекорддук сандагы адам катышты – 110 киши.

ЖӨБ органдары менен калк ортосунда конструктивдүү диалог түзүлдү. Анын натыйжасында 2013-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгүндөгү төмөнкү беренелерге конкреттүү өзгөртүүлөр киргизилди: резервдик фондго, социалдык чыгашаларга, ТКЧ чыгашаларына, "маданият жана спорт" беренесине түшкөн каражатты көбөйтүү; "башка чыгашалар", "ПМК карызын төлөө" жана "жашылдандыруу" беренелерин азайтуу жана башкалар. ЖӨБ органдары менен калктын өз ара мамилелерин жакшыртууда Ленин АА чоң прогресс байкалат. Бул аймакта бирин-бири айыптабастан, сындабастан адамдар өз эскертүүлөрүн жана сунуштарын тең салмактап, оор басырыктуу билдиришет.

### *М" журналы Ленин АА башчысы Чолпонбек Мурзакановго "Калк бюджетти жалпысынан туура түшүнүп жатабы?" деген суроо узатты.*

Жооп: "Мурда биздин оппозиционерлер биздин бюджеттин маңызын жана көлөмүн билбей туруп, дайыма эле АӨ ишин сындап жүрүшчү. Ал эми бул угуулар бири-бири менен баарлашуу, бири-бирин уга билүү канчалык пайдалуу экенин көрсөттү. Оппозиция лидерлери эми оппозицияда эмес, алар кайсы жакка канча акча коротулуп жатканын түшүнүштү жана орток пикирге келшити деп ишенимдүү айтса болот. Мындан тышкары АӨ аппаратынын айрым кызматкерлери да бюджетти түшүнчү эмес. Эми болсо алар баарын, өзгөчө айлык акы маселесин жакшы түшүнүп калышты.

**Гуляим Шамшидинова,**
**Азамат Мамытов**



# Жаштар өз айланасындагы дүйнөнү өзгөртүүдө

**2011-жылдын декабрь айында “Муниципалитет” журналы “Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине жаштардын катышуусун күчөтүү” Долбоорунун биринчи баскычы тууралуу айтып берген эле. Ошондо Нарын облусунда бир нече жаштар тобу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдары менен кызматташуу боюнча окуудан өтүп, өз долбоордук демилгелерин ишке ашырышкан. 2012-жылдын жаз мезгилинде долбоордун пилоттук Нарын облусундагы тажрыйбасын Ош жана Ысык-Көл облусунда улантуу тууралуу чечим кабыл алынды.**

Ошентип жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине жаштардын катышуусу маселесинде потенциалдуу жаш лидерлерди окуудан өткөрүү кайрадан биринчи кадам болду. 2012-жылдын 5-6-майында Ош облусундагы жаштар уюмдарынын 21 өкүлү үчүн уюштурулган тренинг-презентациялар өттү. Долбоорго катышуу боюнча өз тажрыйбасы менен Нарын шаарынан атайын келген “Нар-ЮСТ” КБ өкүлү Чырмыева Айжан жана “Нарындын экономикалык өнүгүү борбору” КК өкүлү Кыдыргычова Үмүт бөлүштү. Дагы да көп натыйжага жетүү жана алдыга коюлган тапшырманы жакшы түшүнүү үчүн процесс толугу менен түрдүү оюндар, топтордо иштөө жана бет ачарлар менен коштолду. “Эгерде мен мэр болгондо...” аттуу оюндун жардамы менен жамааттардагы жаштардын жашоосундагы актуалдуу жана маанилүү көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдору аныкталды.

2012-жылдын 12-13-май күндөрү окуудан Ысык-Көл облусунун 20 жаш активисти өттү. Тренингдин методикасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу теориялык маалыматты үйрөнүүдөн, андан тышкары Нарын жана Ош облустарындагы жаштар тобунун реалдуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча мисалдардан турган. Ысык-Көл облусунун катышуучулары да өз уюмдарынын тажрыйбасы менен бөлүштү. Мисалы, Бөкөнбаев айылынын жаштар комитетинин өкүлдөрү 2012-жылдын март айында айылды жашылдандыруу боюнча көчөт отургузуп, окуучуларды, жаштарды, Бөкөнбаев айылынын тургундарын ишке тартып, арык түйүндөрүн тазалоого багытталган акцияны ЖӨБ органдары менен биргелешип уюштуруу тажрыйбасы менен бөлүштү.

## Окуунун катышуучуларынын жандуу үндөрү (Ош жана Ысык-Көл облустары)

**Түлегенов Каныбек:** “ЖӨБ элет жеринде адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрөгө эбегейсиз таасир эткенине карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түз байланыш жокко эсе болгондуктан жаш муун жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине көп деле катышпайт”.

**Идирисов Алтынбек:** “Жаштар – бул күч. Жергиликтүү деңгээлде көйгөйдү чечүүдө бул күч кыймылдаткыч болуп бериш керек”.

**Бабаев Асылбек:** “Реалдуу сектордо жаштар үчүн иш орундары жетишсиз болгонунан улам биз жаштарды түрдүү иштерге, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү менен байланышкан коомдук иштерге тартуунун үстүнөн иштешибиз керек”.

**Намазалиев Чыңгыз:** “Жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу механизмин тандоодо артыкчылыктарды туура тандап алууну үйрөнүшүбүз керек. Мисалы, Одессада чакан акцияларды жана ишембиликтерди өткөрүү менен ишин баштап, кийин республикалык түйүнгө айланган уюм бар. Бул түйүн аркылуу жергиликтүү деңгээлде тапшырмаларды аткаруунун сапатын жөнгө салса болот экен”.

## Эгерде мен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы болсом, анда…

**Түлевалдыева Индира:** “Эгерде мен Караколдун мэри болсом эмне кылат элем? Мен адегенде шаардын көчөлөрүн жана тар көчөлөрүн жарыктандырмакмын. Көйгөйдү аныктоо, ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматты жайылтуу үчүн калктын түрдүү катмарына чогулуш өткөрмөкмүн”.

**Түлегенов Каныбек:** “Эгерде мен Кара-Ой айылынын башчысы болсом, биринчи кезекте бала бакчанын сапаттуу иштеши боюнча зарыл болгон иш-чараларды өткөрмөкмүн. Андан соң айыл үчүн комбайндарды сатып алмакмын. Айылда маалымат лагерин ачып, жаштардын өнүгүүсүнө көңүл бурмакмын. Андан соң туризмди өнүктүрүү үчүн боз үйлөр шаарчасынын курулушун баштамакмын. Сугат суу жетишсиздиги өңдүү көйгөйдү чечүү үчүн донордун жардамы менен суу сактагычтын курулушун соңуна чыгармакмын”.

**Атабаев Эрлан:** "Оштун мэри катары мен бардык жерге таштанды үчүн челектерди орнотмокмун. Айталы, жолдон балмуздак сатып алып, жеп койдуң. Кагазын таштандыга ыргытайын десең жакын жерде эч нерсе жок. Эмне кылышым керек? Таштанды жайын тапмайынча аны көтөрүп жүрөйүнбү? Бизде четки конуштарды айтпайлы, жада калса шаардын борборунда да таштанды жайлары дээрлик жок. Эгерде мен мэр болсом ошолордун санын көбөйтмөкмүн".

**Абдыманапов Медербек:** "Оштун мэри катары кадрлар менен ишти күчөтмөкмүн. Бирок мен баарын эле тегиз иштен кетирбестен, олуттуу аттестациядан өткөрмөкмүн. Мында кызматкерлердин билим деңгээлин гана текшербестен, алардын эмгегинин натыйжасын да бааламакмын. Билгендердин, тажрыйбалуулардын, натыйжа алып келгендердин маянасын көбөйтүп коймокмун – жаштарды окутуп, өз билими жана тажрыйбасы менен бөлүшүш керек да".

Жаштарды позитивдүү өнүктүрүү теориясына таянуу менен долбоордун уюштуруучулары жана аткаруучулары колдоо үчүн бир нече долбоорлорду тандап алышты. Баары болуп Нарын, Ысык-Көл жана Ош облустарындагы жаштар топтору сунуштаган 12 долбоор колдоого алынды. Өнүктүрүү саясат институту ("Сорос – Кыргызстан" фондунун Жаштар программасынын каражатынын эсебинен) тарабынан каржылоонун жалпы суммасы 230 миң сомду түздү. Бул өтө деле чоң акча эмес, бирок ал үч облустун жаштарына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө өз мүмкүнчүлүктөрүн иш жүзүндө сезүүгө жол ачты. Жупуну каржылоого карабастан долбоордун жыйынтыктары Кыргызстандын жаштары шаарларда жана айылдарда жашоо сапатын жакшыртууга жөндөмдүү болуп, демилгечи, энергиялуу, чыгармачыл, тырышчаак жана тыкан деп ишенимдүү айтууга негиз берет. Нарын облусундагы бардык долбоорлор 2011-жылдын декабрь айында ишке ашырылды. Алардын ичинен үчөө өзгөчө кызыгууну жаратты (толугу менен "Муниципалитет" журналынын 2011-жылдагы № 1 санынан окуй аласыз). Ысык-Көл жана Ош облустарындагы долбоорлор 2012-жылдын июль айында ишке ашырылып, алардын айрымдары тууралуу да кенен айтып берсе болот.

## Жоопкерчиликтүү жүргүнчүгө сапаттуу маршрут!

Каракол шаарындагы коомдук транспорттун ишинин сапатын жакшыртуу көйгөйүн "Лидерлик" Жаш ыктыярчылар уюмунун (ЖЫУ) активисттери чечүүгө бел байлады. Жаштар ишти муниципалдык органдар – мэрия жана жүргүнчү ташыган автобаза менен өнөктөштүктү орнотуудан баштоону чечти. Жаштар уюмунун өтүнүчү менен мэрия маршруткалардын кыймыл тартибин берсе, жаш лидерлер бул тартип кандай аткарыларын текшерүү үчүн өз мониторингин жүргүзүүнү чечти. 2012-жылдын 9, 11 жана 16-июль күндөрү "Лидерликтин" ыктыярчылары маалымат чогултуу боюнча маанилүү иш аткарышты – шаардагы аялдамалардын иш жүзүндөгү санын жана маршрутканын ал жерлерде турган убактысын эсептөө максатында ар кайсы маршруткаларга отуруп, коомдук транспорттун кыймылынын негизги багыттары боюнча туш тарапка жөнөп кетишти. Кыймылдын маршрутун жана убактысын тактагандан кийин ыктыярчылар аны кагазга жазып, 5 аялдамага илип чыгышты – экөө борбордо, Кашка-Суу кичи районунда, автовокзалда жана облустук оорукананын районунда. Ошондой эле жаштар маршрутканын жүргүнчүлөрүнүн маанайын көтөрүү үчүн күлкүлүү сөздөр жазылган кагаздарды да чаптап чыгышты. "Кээде маршруткага өзүңдү түйшөлткөн маселе менен отурсаң бирөө бутуңду тебелеп кетет, тургуң келбей жатса орун бошотуш керек... Ал эми биздин жазгандарыбыз адамга дем берип, жылмайтат, ошондон кийин машиненин эшигин да катуу жаппай, каяша да айткың келбей калат", - дейт долбоордун негизги аткаруучуларынын бири Анастасия Стыценко.



Андан соң 18-июлда "Аялдамадан старт алабыз!" аттуу акция өттү. Шаардын көчөлөрүндө бир күн бою ыктыярчылардын кайгуулу нөөмөттө турду. Ар бири жол чырактын түсүнө ылайык колуна тасмени (кызыл, сары жана жашыл) байлап алды. Ыктыярчылар транспортко аялдамадан эле отуруу керек деп жүргүнчүлөрдү ынандырып жатышты. Бул – жүргүнчүлөрдүн убактысын үнөмдөйт жана транспорттун мөөнөтүнөн мурда бузулушун алдын алат. Ыктыярчылар жалпысынан Караколдун 60 тургуну менен маектешти.

"Биз менен маектешкендердин баарына биз "Өз шаарымды жакшы көрөм – аялдамадан түшөм!", "Аялдамадан старт алабыз!", "Жолугушчу жер – аялдама!" деген орус жана кыргыз тилдеринде жазылган төш белгилерди бердик. "Жоопкерчиликтүү жүргүнчү!" / "Ответственный пассажир!" деген ураан эң жагымдуу жана көп талап кылынган болуп табылды. Көптөр биздин аракеттерибизге таң калышты, бирок көпчүлүгү тиешелүү жерге эмес, ар бир кадам сайын эле токтой берген коомдук транспорт жараткан көйгөйдүн маанисин түшүнүп турушту. Бул күнү айдоочулар көрүнгөн жерден эле токтото берген жүргүнчүлөрдүн аз болгонуна кубанышты. Анткени биздин кысым алдында жүргүнчүлөр аялдамада гана түшкөнгө аракет жасап жатышты", - дейт Анастасия.

Караколдун жаш лидерлери акция өткөрүү менен гана чектелишкен жок. Бул маселе аларды катуу ойлондуруп койгондуктан аны чечүүнүн жолун издей башташты. Коомдук транспорттун кыймылына жүргүзгөн өз мониторингинин жардамы менен балдар бир нече тыянакка келишти:

- в городе Караколе есть стационарные, попу- Каракол шаарында калк арасында өзгөчө популярдуу болгон стационардык аялдамалар бар, ал жерлерге маршруткалардын кыймылынын тартиби жазылган жазууларды орнотуп, аны улам жаңылап туруш керек;
- маршруттарда расмий аялдамаларды жасаш керек болгон жерлер бар, анткени ошол жерлерде киши көп каттаган объекттер орун алган жана жүргүнчүлөр транспортту дал ошол жерлерден токтотууга аракет кыла беришет;
- Коомдук транспорт көйгөйүнө маршруттуу жана кыймылды уюштуруучулар гана эмес, жол кыймылынын эрежесин көзүнө илбестен айдоочуну токтоого мажбурлаган жүргүнчүлөрдүн өздөрү да күнөөлүү.

Жүргүнчүлөрдүн жоопкерчилиги тууралуу акыркы тыянак активисттерди жоопкерчиликтүү жүргүнчүнүн Алтын эрежесин иштеп чыгууга түрттү:

- Жоопкерчиликтүү жүргүнчү транспортко баары отурган жерден – аялдамадан гана отурат!
- Жоопкерчиликтүү жүргүнчү эшикти акырын жабат жана жол кирени ошол заматта эле берет!
- Жоопкерчиликтүү жүргүнчү улууларга жана балалуу жүргүнчүлөргө орун бошотот!
- Жоопкерчиликтүү жүргүнчү кайсы жерден чыгарын так жана алдын ала айтат!
- Жоопкерчиликтүү жүргүнчү белгиленген жерде, аялдамада гана токтотот!



## Ар бир элдин салты – ар бир адамдын сыймыгы!

Ноокат – көп улуттуу шаар. Жергиликтүү калктын басымдуу бөлүгүн өзбек улутундагылар түзсө да бул жерде тажиктер, химшилдер, орустар да жашайт. “Жаш ниет” жаштар уюму улуттар аралык ынтымакты бекемдөө максатында “Ар бир элдин салты – ар бир адамдын сыймыгы” фестивалын өткөрүүнү чечти. Шаардын жаш тургундарына кийим тиккенди үйрөтүү жана бери дегенде беш кишини ишке орноштуруу тийиштүү максаттардын бири болуп калды.

Долбоордун алкагында он кыз улуттук кийимди тиккенди үйрөндү. Мыкты кийимдерди фестивалда көрсөтүү үчүн тандап алышты; мэрия фестиваль өткөрүү үчүн жай тапты; жаштар музыкалык зоокторду даярдады; долбоордун жыйынтыгы боюнча беш адам тигүүчү цехтер менен иш келишимин түздү.

## Биз таза Каракол үчүн!

Бул долбоор жаштар демилгесин ишке ашыруунун ийгиликтүү үлгүсү гана эмес, ошону менен бирге бир нече уюмдардын аракеттери бириксе дагы да мыкты жыйынтык чыгат деген тезисти тастыктады.

Долбоорду ишке ашыруу үчүн демилгелүү жаштар тобу түзүлүп, ага жарандык коомдун жергиликтүү уюмдарынын 27 өкүлү кирди: “Репродуктивдүү саламаттык альянсы”, “Лидерлик” ЖЫУ, “Форвард” КБ, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жаштар, эмгек жана жумуштуулук министрлигинин Ысык-Көл аймактык бөлүмүнүн ыктыярчылары. Демилгелүү топ иш-чаралардын кеңири планын түзүп, ага ылайык төмөнкү иштер аткарылды:

- постерлердин жана сырт кийимдин дизайны иштелип чыкты;
- шаардын райондорунда таштанды тазалоо боюнча акциялар өттү;
- шаардын пляжын тазалоо боюнча акция өттү;
- сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.

Топ Каракол мэриясы жана шаардык кызматтар менен тыгыз байланышта иштешти. Алар жаштарды таштанды чыгаруу үчүн жабдуулар жана техникалар, үн күчөткүчтөр менен камсыздап, өздөрү да акцияга катышты.

Долбоорду иш жүзүнө ишке ашыруу сыналгыдан жана үналгыдан жүргөн маалыматтык өнөктүк менен башталды. Анын жүрүшүндө шаардын тургундарынан таштандыдан улам кайсы участокторду өзгөчө булганыч деп эсептей турганы, ошондой эле бул көйгөй менен ийгиликтүү күрөшүү үчүн кандай чаралар колдонулушу керектигин билишти. Шаар тургундары жаштардын чакырыгына кайдыгер калышкан жок – алар да өз жардамын сунуштап, өтө булганыч жерлерди көрсөтүп беришти. Активисттер акциялар тууралуу шаардагы киши жыш жүргөн жерлерге постерлерди чаптап чыгышты: банктардын жана акча алмаштыруу жайларынын жанында; борбордук дүкөндөрдүн жана калк жыш отурукташкан кичи райондордо; белгилүү кафелердин жана маршруттук таксилердин эшиктерине.

Андан соң Туманов жана Гагарин көчөлөрүнүн кесилишиндеги райондордо, Кашка-Суу кичи районунда жана шаардык пляжда таштанды чыгаруу боюнча акциялардын баскычтары өттү. Акциянын эң активдүү катышуучулары белекке сырт кийим алышты. Акция өтүп жаткан үйдүн тургундары балдарды колдошту, бирок, тилекке каршы, көбүнчө моралдык гана колдоо көрсөтүштү. Шаар пляжында акциянын катышуучуларына бир нече эс алуучу да кошулду.

Маалымат усулдарынын кеңири болгонунан улам долбоордун аткаруучулары ага көп сандагы шаардыктардын көңүлүн бура алды. Алардын баары эле акциянын катышуучулары болуп калбаса да, таштанды ар бир адамды ойго салып койду десек болот. Караколдун жаш лидерлери ЖӨБ органдары менен активдүү өнөктөштүктө таштанды менен күрөш боюнча иштерди уланта берүүнү пландаштырууда.

## Бөлүш жана саламатта бол!

Чолпон-Ата шаарынын жаш активисттери өз долбоорун мына ушинтип кызыктуу атап алышты. Долбоордо сөз таштанды, тагыраак айтканда аны сорттоп чогултуу жөнүндө болду. Долбоордун алкагында таштанды үчүн үч башка контейнер орнотулду: тамак-аш (органикалык), кагаз-картон жана башка таштандылар. Контейнерлер шаардын коммуналдык кызматынын колдоосу менен орнотулду. Жаштардын калк арасында жүргүзгөн түшүндүрүү иштери чоң салым болду. Анткени активисттер жарандарда таштандыны сорттоп ыргытууга карата позитивдүү мамиле түзүүгө аракет жасашты. белгилей кетчү жагдай, жарандарды бул иштин канчалык пайдалуу болгонуна ынандыруу мүмкүн болду. Анткени шаарда таштандыны сорттоп ыргытуу гүлдөп жатат – аны пластик бөтөлкөлөрдү чогултуп, сүт соодасына "жүгүртүүгө" киргизген айрым жарандар ишке ашырат. Жаш активисттер катуу тирилик калдыктарын көмгөн полигонго чыгарылган таштандынын көлөмүн азайтуу; таштандыга байланыштуу бир топ экологиялык көйгөйлөрдүн курчушун алдын алуу; экономикалык пайда алып келүү үчүн жарандарды таштанды сорттоп ыргытууга үндөштү.

Жалпысынан долбоордун демилгечилери таштандыны сорттоп ыргытуу мына ушундай практика нормалдуу көрүнүш жана маданияттын белгиси болуп эсептелген өлкөлөрдөн Ысык-Көл жээгине эс алуу үчүн келген туристтерде Чолпон-Ата шаарынын оң имиджин калыптандырууга жардам берет деп үмүттөнүшөт.

## Пляжды калыбына келтирүү

Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Улахол АА Шор-Булак айылынын жаштары адатта эмне менен алектенерин билишпейт. билими же көп талап кылынган адистикке ээ болгон жаштар өлкөнүн сыртына иш издеп кеткен. Калгандары бош убактысын эски мектептин короосунда спорт аянтчасы жөнүндө кыялдануу менен өткөрүшөт. Жайында Ысык-Көлдүн пляжына баруу мүмкүнчүлүгү бар, бирок ал абдан булганыч жана таштандыга толгон. Ушундан улам балдар пляжда тартип орнотуу идеясы пайда болгону таң калычтуу эмес: эс алганга да жакшы, балдар да иш менен камсыз болот. Долбоордун алкагында төмөнкү иштер аткарылды: пляжды таштардан жана отоо чөптөрдөн тазалоо; кийим которуучу жайларды уюштуруу; эс алуу үчүн отургучтарды, күндөн корткалай турган чатырларды орнотуу; дааратканa жана кароолчу үчүн жай куруу; машине үчүн жай. Аксакалдар кеңешинин төрагасы, айылдын тургуну Э. Тойгонсоев жаштардын демилгесин мындайча баалады: "Бир топ пайдалуу иштер аткарылды. Биздин айылда жаңы курулуштар жана жакшы



жолдор көптөн бери пайда боло элек эле. Ошондуктан өткөн жылы пляж тарапка жасалган жаңы жолду көргөндө кубангам. Ал эми бул жылы пляжды эс алууга жарактуу кылдыңар. Биздин жаштарга ушул мыкты демилге үчүн ыраазычылыгымды билдирем".

## Кичи долбоорлордун катышуучуларынын жандуу үндөрү (Ош жана Ысык-Көл)

**Толкун уулу Алтын:** "Дал ушул жаштар өз курдаштарына – башка улуттун өкүлдөрүнө маданият жана салттар тууралуу айтып берип, анын сакталышына көмөкчү боло алат. Мына ушинтип мекенчилдик сезими жана элдер ортосундагы достук жаралат".

**Эсен кызы Мээрим:** "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаштардын демилгелерин колдоого бир аз да болсо акча бөлүп турса кандай жакшы болор эле!".

**Караева Нургүл:** "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаштардын маданий өнүгүүсүнө көбүрөөк көңүл буруш керек – бул аны мобилдештирүүнүн эң мыкты жолу. Шаардын же райондун Жаштар кеңеши катуу иштеш керек; идеяларды сунуштап, долбоорлорду ишке ашырып дегендей. Ошентип жаштардын маданий жана чыгармачыл дарамети өсөт!".

**Ляпина Валентина:** "Жаштар үн катпай, кошуна өлкөлөргө кетпестен сүйлөп, кыймылдашы керек. Менин улутум орус, бирок мен Кыргызстанда жашаймн жана өз өлкөмдү жакшы көрөм!".

**Фарух:** "Мага мэриянын жоопутуу кызматкерлери менен сүйлөшүү абдан кызык болду. Биз абдан маанилүү жана кызыктуу темаларды талкууладык, алар биздин суроолорго жооп берди, биз өз демилгебизден пайда чыгаарын сезип турдук. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тез-тез жолугуп, бирге иштешким келет".

**Сыдыков Канат:** "Шор-Булак айылындагы пляжды калыбына келтирүү боюнча долбоор анын жаш катышуучуларына гана жакпастан, айыл тургундарын жана конокторун таасирлендирди. Эгерде мурда пляжга жетиш үчүн талкаланган жана чаң жол менен басууга мажбур болсок, эми болсо эс алуучулар өз машинеси менен келишет, эс алуу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Туристтердин саны да өсүүдө. Жаштар да бош убактысын бул жакта өткөрүүдө. Эми ушуну менен эле токтоп калгыбыз келбейт".

# Жаштар эртеңки күндүн камын көрүүдө

**Бүгүн Кыргызстанда окуучуларга заманбап коомдо ийгиликтүү социализация үчүн зарыл болгон жөндөмгө ээ болуу менен өз деңгээлинде чечим кабыл алууга катышууга жол ачкан, мектеп курагынан жогору жаштар менен социалдык интеграция боюнча системалык иш өтө зарыл болуп турат. Жергиликтүү жамааттардын түрдүү этникалык, социалдык топторундагы жаштардын бирге аракеттешүүсүн камсыздай ала турган бейформал жаштар структураларын түзүү жолу менен күчтү жаштардын жарандык билим берүүсүндө топтоо зарыл.**

Практика көрсөткөндөй, кесипкөй чөйрөдө, же коомдук пайдалуу ишмердүүлүктө түрдүү социалдык топтор биргелешип аракеттенген учурда социалдык интеграцияга багытталган демилгелер өзгөчө натыйжалуу болот.

Кыргызстандын бул чөйрөдө топтой алган тажрыйбасы көрсөткөндөй, "Эвергрин Республикасы" жаштардын билим берүү лагери тез жана натыйжалуу интеграция үчүн эң жогорку потенциалга ээ. Жарандыгына, улутуна, социалдык жана экономикалык макамына карабастан бардык катышуучулар үчүн бирдей башталгыч шарттарда жана мамлекеттин реалдуу турмуш ишмердүүлүгүн окшоштуруунун шарттарында, ошондой эле өз долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири болгонунан жаштардын тил табышуусу жана туруктуу байланыштардын түзүлүүсү үчүн жагымдуу чөйрө түзүлөт, ал болсо биргелешкен ишти чыныгы турмушта да улантып кетүүгө жол ачат.

Маселенин маанисин аңдап, өлкөдө тажрыйба жана экспертизанын бар болгонунан улам КШБ "Жаштар эртеңки күндүн камын көрүүдө" долбоорун колдоду. Долбоор Билим берүү демилгелерин колдоо фонду тарабынан 2012-жылдын июнь айынан тарта ишке ашырыла баштады.

Долбоордун максаттары төмөнкүдө камтылган:

- мектептин, өз жамаатынын турмушуна активдүү катышкан жаштардын коомдук бирикмелерин (клубдарын) түзүү жана өнүктүрүү аркылуу Чүй, Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарында ынтымактуу чөйрөнү жакшыртууга көмөктөшүү;
- Чүй, Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарынын пилоттук райондорунда жаштардын коомдук бирикмелеринин (Эвергрин клубдарынын) ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- мындан ары Чүй, Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарынын пилоттук райондорунда жаштардын коомдук бирикмелеринин (клубдардын) лидерлеринин дараметин арттырууга көмөктөшүү.

Максаттуу райондордо Эвергрин клубдары формасындагы жаштардын коомдук бирикмелеринин активдүү иши өспүрүмдөргө биргелешкен социалдык ишмердүүлүк боюнча оң тажрыйба алууга көмөктөшүп, түрдүү социалдык, гендердик, жаш курактык, этникалык ж.б. топтордогу өспүрүмдөрдүн интеллектуалдык-чыгармачыл баарлашуусуна жол ачып; өзүнүн басма органын түзүү жолу менен алардын маалыматтык деңгээлин жогорулатып, компьютердик коммуникацияларга жетүү аракетин кеңейтет.

Максаттуу райондордо долбоордук моделди (Эвергрин клубу) жайылтуу үчүн ар бир мектептен (16 мектеп) өзгөчө активдүү өспүрүмдөрдүн санынан (7 адам) команда түзүү болжолдонууда. Алар "Эвергрин Республикасы" Жаштардын билим берүү лагеринде толук окуудан өтөт (12 күн).

Ушул уникалдуу кызматтан улам лагердин ар бир катышуусу өзү түзгөн демократиялык мамлекетте (Эвергрин Республикасы) өзүнүн өнүгүү траекториясын кура алмакчы. Окуунун алкагында мектеп командалары Эвергрин клубдарын өз мектептеринде түзүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгат, тренердик жөндөмдү өздөштүрөт, "Ден соолук маданияты", "Дебаттар", "Масс-медиа" программаларын мектептин шарттарына шайкеш келтиришет.

Клубдарды өз алдынча түзүү – жаштар үчүн кандайдыр бир деңгээлде сынак. Чыныгы турмушта мектептин алдында Эвергрин клубдарын түзүү жана аны туруктуу иштетүү окуудан өткөн өспүрүмдөргө курдаштары арасында позитивдүү тажрыйбасын жайылтууга жана түрдүү этностогу, жыныстагы, куракташы, кызыкчылыктагы адамдарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берген демократиялык мамлекеттин принциптерин карманып, өз алдынча тандоо жана чечим кабыл алуу маданиятын өнүктүрүүгө жардам берет.

Заманбап коомдо шаардагы жана элеттеги жаштардын ийгиликтүү социалдаштырылуусуна жетүү үчүн мектептин жана ЖӨБ органдарынын жетекчилигинин кошулганы өзгөчө маанилүү. Жаштар жергиликтүү өнүктүрүүнүн реалдуу ресурсу болушуна, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусуна, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызын жана маанисин түшүнүүсүнө, жаштар **ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА БАРУУСУНА** баарынан мурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызыкдар. Бул үчүн бир топ башка факторлор менен катар жергиликтүү демилгелер тууралуу маалыматка ээ болуу керек, аларды шыктандырып, кеңеш берип, диалог жүргүзүү менен жаштарды чечим кабыл алуу процессине тартуу зарыл. Ал эми бул долбоор ушундай мүмкүнчүлүктү түзөт.

**Урматтуу Токмок жана Майлы-Суу шаарларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери, Сузак, Кара-Суу, Ноокат, Кадамжай жана Лейлек райондорунун айыл өкмөтү! Эгерде сиздин муниципалитеттердин аймагындагы мектептерде эвергринчилердин клубдары түзүлө баштаса, алардын негиздөөчүлөрүн жана ошолордун демилгелерин колдоп койсоңуздар! Бул сиздин жамааттардын чоң ресурсу! Мына ошолор келечекти курат!**